Дүйшө Турсаалы уулу



# ТЫНЧТЫК МЕНИН ОЙЛОГОНУМ, ТИЛЕГИМ

**Турсаалы уулу Дүйшө**

# Тынчтык менин ойлогонум, тилегим

***Ырлар жыйнагы***

**Бишкек 2016**

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
Т 88

Турсаалы уулу Дүйшө
Т 88 Тынчтык менин ойлогонум, тилегим: ырлар жыйнагы. – Б.: 2016. – 140 б.

ISBN 978-9967-08-618-0

Бул жыйнакка Турсаалы уулу Дүйшөнүн өз калеминен жаралган арноо жана эскерүү ырлары топтолду. Ырлардын көпчүлүгү анын өздүк архивинен жана гезит беттеринен алынды. Анын ырлары Улуу Ата Мекендик согуш жылдарын эскерип жазылган.

Биздин негизги максатыбыз - чоң атабыздын ырларын окурмандарга жана урпактарына таанытуу, туугандары жана балдарына эстеликке калтыруу.

Т 4702300200-16

ISBN 978-9967-08-618-0

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
© Турсаалы уулу Дүйшө, 2016

*Өмүр бизден өтүп кетсе,*
*Эл эмгектен эскерсин.*
*(Аалы Токомбаев)*

# Кириш сөз

Бул китепте чоң атабыз Дүйшө Турсаалы уулунун биографиялык ырлар жыйнагы камтылган. Бул ырлардын көпчүлүгү анын өздүк архивинен жана гезит беттеринен алынды. Негизги максатыбыз - чоң атабыздын ырларын окурмандарга жана урпактарына тааныттуу, туугандары жана балдарына эстеликке калтыруу. Китептин басылмасы чоң атабыздын 100 жылдыгына арналды.

Турсаалы уулу Дүйшө Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Нарын шаарынын ардактуу атуулу болгон. Ал көп жылдар бою Нарын шаарында жашап, Нарын Электр тармактар ишканасында эмгектенген. Анын алгачкы ырлары "Жеңиш" Тянь-Шань, "Нарын правдасы" гезиттерине жарыяланган.

Чоң атам бала кезинде зээндүү, сергек бала болгон экен. Ал өз атасы Турсаалыны эрчип алып, аш-тойлордо айтылган манасты, ырларды, жомокторду угуп, таасир алган. Айылдын молдосунан арабча окуп, кат тааныганды үйрөнгөн. Ал бала кезинен эле ырга жакын болгондуктан, орто мектепте окуп жүргөндө окуучу балдарды, мугалимдерди жамактап ырдап жүрчү экен.

1938-жылы аскерге чакырылып, андан ары Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Кандуу согуш жылдар анын аң-сезимине, дүйнөгө болгон көз карашына жана анын болочок жашоосуна чоң таасирин тийгизген. Согуштан оор жарадар болуп, согуш бүткөндөн кийин өз мекенине кайтып келет. Ошол күндөн тартып чоң атамдын чыгармачылык жашоосу башталган. Анын: "Кан майдандан кат", "Согуш жылдарын эскерип", "Отуз жигит чогуу кеттик майданга", "Беш жыл жүрдүм батышта", "Болбосун дейм согуш" деген ырлары гезит-журналдардын бетине жарыяланган.

Чоң атамдын кийинки ырлары өзүнүн туулуп-өскөн кичи мекени Ак-Кыя жана Нарын, Ат-Башы, Ак-Сайга арналып жазыл-

ган. Бул ырларында тоонун, жер-суунун жана мекенинин жаратылышынын коздугу баяндалат.

Элибизге белгилүү инсандарга, акындарга арнап жазган эскерүү ырлары: “Таазим Арстанбек атага”, “Актан Тыныбек уулун эскерип”, “Кош Муса”, “Кайран Мидин” жана “Чыңгыздын 50 жылдыгы” да бул китептен орун алды.

Чоң атам Дүйшө Нарын шаарында жашап, өз замандаштарына, ар кесиптин ээлерине, ардагерлер ооруканасынын дарыгерлерине, шаардык ички иштер бөлүмүнүн башчысына жана өзү иштеген ПЭСтин жамаатына арнап жазган даректүү ырлары да китепте камтылды.

1990-жылы доор алмашып, жаңы заман келип, кыргыз эли эгемендүүлүккө умтулду. Бирок жаңы доор эл башына көптөгөн экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарды алып келди. Чоң атам бул өткөөл турмушту эл менен бирге башынан өткөрүп, ошол кезде калемин колуна алып: “Калкыма кат”, “Кыйналып жашап турабыз”, “Оңолоор бекен биздин турмуш” деген ырларды жазган.

Чоң атам Дүйшө өз калеми менен 100дөн ашык ырларды жаратып, бизге мурас катары калтырып кетти. Эми биз атабыздын жазып кеткен эмгегин, бир жыйнакка топтоп, эл алдына тартуулап жатабыз.

*Дүйшөнбү уулу Саламат*

# Турсаалы уулу Дүйшө
(1916-1995)



Турсаалы уулу Дүйшө 1916-жылы Нарын облусунун Нарын районундагы Ак-Кыя айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1922-1927 жылдары арабча окуп сабаттуу болгон. 1928-жылы Чет-Нура башталгыч мектебине кирип, аны 1933- жылы бүтүргөн. 1933-жылдан тартып ошол кездеги сабатсыз элди окутууга белсенип киришкен. 1937-жылы колхоздун кампачылыгына дайындалган. 1938-жылы советтик армиянын катарына аскерге чакырылган.

Ленинградда жоокерлик милдетин өтөп жүргөндө Финляндия менен согуш башталып, ага катышкан. 1941-1945-жылдары Улуу Ата-Мекендик согушта Ленинград, Сталинград фронтторунда болгон. Оор жарадар болгондон кийин 1945-жылы туулган жерине кайтып келген.

1945-1947-жылдары Тянь-Шань облустук аткаруу комитетинин мобилизация бөлүмүндө ага инспектор, Нарын керек-жарак союзунун төрагасынын орун басары, Кербен сарайдын башчысы, 1947-1950-жылдары Ат-Башы районунда, райондук сактык кассасынын башчысы болуп иштеген. 1950-жылдан 1985-жылга чейин 35 жыл бою үзгүлтүксүз Нарын электр тармактар ишканасында иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Улуу Ата-Мекндик согуштагы эрдиктери үчүн биринчи даражадагы Улуу Ата-Мекендик согуш ордени, "Герма-

нияны жеңгендиги үчүн", "Улуу Ата-Мекендик согуштагы жеңиштин 30 жылдыгы", "Улуу Ата-Мекндик согуштагы жеңиштин 40 жылдыгы" жана башка медалдар менен сыйланган.

Турсаалы уулу Дүйшө өз ишине так, эмгекти сүйгөн, улуу-кичүүнү сыйлай билген мээрман, шайыр, кемчиликти бетке айткан адилет адам болгон.

## *Ак –Кыя*

Туулган жерим Ак-Кыя,
Куюлма чопо, таш даана.
Өтчү экен бабалар,
Өпкөсүн тиштеп оозуна.

Жалгыз ат өтчү жалама,
Кийинчерээк өттү араба.
Коркоктор өтчү чыдабай,
Колунан берип садага.

Жакшына жаңы жол болуп,
Багынды элге Ак-Кыя.
Алкышын айтып олтурат,
Жашасын биздин партия.

Кара-ойуң кара бак болду,
Катарлап ак там салынып.
Көркөмдүү болуп көрүнөт,
Төрт түлүк малы жайылып.

Атамсың мага энемсиң,
Ар дайым менде элесиң.
Кылымдан кылым өтсө да,
Айлыма көрк бересиң.

## Туулган жерим Үч-Нура

Таалайлуу колхоз Үч-Нура,
Орто-Нура,Чет-Нура.
Туулуп өскөн жерлерим,
Орто-Саз менен Ак-Кыя.

Көп жылдан бери көрбөдүм,
Көр булак ичин өрдөдүм.
Жыттадым жыпар гүлдөрүн,
Мен көрдүм колхоз төлдөрүн.

Мал көчүп бөксө жайлоого,
Көк аңкыйт эгин айдоодо.
Камынып жаткан кез экен,
Чаңыртып кулун байлоого.

Салам айттым малчыга,
Топозчу, уйчу, койчуга.

Көк шиберге тиккен үй,
Көркүнө чыгат чатырап.
Көркөмдүү ушул жеримде,
Өттү го кайран бала чак.

Эс алып жуттум абаңды,
Чогултуп бардык чамамды.

Космоско дейре чыксам да,
Өз жерим сени табамбы?

Ат кулак шибер теңселет,
Ал жерде ойноп жүрчү элек.
Кайберен жүргөн Кызыл-Тоо,
Калкыма бүткөн энчилеш.

Чөмүлүп мөңгү ак карга,
Чокусу тийген асманга.
Өтөгү тармал бетеге,
Окшошуп кетет макмалга.

Кайкыга карай көч кетет,
Капталдап жолдон эл өтөт.
Капыстан келди оюма,
Кой жайып жүргөн Кара Өтөк.

## *Эңсеймин*

Эңсеп турам Ичке-Суунун булагын,
Шыңгыр үнүн миң кайталап угамын.
Түшүмдө да шылдырыңды уккандай,
Артып барат күндөн куса , кумарым.

Гүлгө оролгон кокту-колот, адырың,
Алыс жүрсөм мага билинет кадырың.
Сагынамын, саргаямын жете албай,
Кандай жыттуу кайкыдагы мамырың.

Сени көрсөм оор жүктөн жеңилем,
Дүйнө кайра сыяктанат кеңиген.
Карааныңдан кагылайын Кара Өтөк,
Кайра-кайра келип турсам сага мен.

Салт экен го өскөн жерди сагынуу,
Тизе бүгүп кол куушуруп багынуу.
Берекелүү бетегенден айланам,
Мурун жарат чоң коктунун мамыры.

## *Ак-Кыя менин мекеним*

Туулган жерим Ак-Кыя,
Куюлма чопо кум жана.
Мейли чопо кум болсун,
Алмашпаймын башкага.

Ак-Кыя менин мекеним,
Мен сенден секет кетейин.
Тентекти жасап жүргөндүр,
Балалык ойно кезегим.

## *Мен чоңойгон там*

Атам салып, мен чоңойгон ушул там,
Дайым жылуу, кенендигин эске алам.
Апакемдин жанын койбой эркелеп,
Кубанычтуу босогомду аттагам.

Эми барсам балдар салган жаңы там,
Көргөн сайын ишеналбай таң калам.
Шаар тамы мени менен келгенби,
Эмкинин өнөрүнө таң калам.

Мына байлык, мына өнөр элде экен,
Бак-дарактуу жалпы колхоз гүлдөшкөн.
Малы деле, кадыры да бар эле,
Так ушундай там салбады ээ атакем.

## *Кара-Үңкүр*

Байкасам туш-туш тарабын,
Дагы эле келет карагым.
Алыпсың чүмкөп жамынып,
Аскалуу тоонун бадалын.

Зооканда турат карагай,
Койкоюп жаш кыз баладай.
Жылгадан агып булагың,
Жылтылдайт көпкөк туланың.

Койгондой кынап таштарын,
Кооз ээ чиркин баш жагың.
Шаркырап аккан кашка суун,
Дары го ичсем ач карын.

Ашкамын нечен Долонун,
Карагай, четин, тоолорун.
Көрбөсөм куса боломун,
Карагат шактуу коолоруң.

Зооканда жүрдүм жүгүрүп,
Козу айдап нечен жыгылып.
Жаш кездей келет ойногум,
Кум-Белди көздөй бурулуп.

## *Ат-Башы*

Аркайган Ат-Башынын аскалары,
Андагы уюп жаткан мөңгү кары.
Ак карга из түшүрүп чыйыр кылып,
Асканы аралаган аркарлары.

Ат-Башыга көз жүгүртүп карасам,
Ат-Башымдын байлыгынан адашам.
Ырахаттуу жайкы салкын желиң ай,
Жери салкын, суусу дары арашан.

Ат-Башым бардык чөбүң дарыбы?
Сенде калган жаштыгымдын жарымы.
Жалпы элиме дарылыгы бар экен,
Мен искеген жашыл бурлуу мамыры.

## *Ат-Башыда Ак-Жарым*

Ассалом алейкум!
Нарындан жазган саламым.
Айланайын Ат-Башы,
Мен сиздерге күйөө баламын.

Ак-Жардан менин кайыным,
Ак-Жардын билем дайынын.
Алымбек уулу болушат,
Сыдыктын кызы зайыбым.

Ырымды силерге арнадым,
Мен болсом карып калганмын.
Аман эсен жүрөбү,
Касиеттүү чалдарым.

Айланайын Ак-Жарым,
Салынган катар тамдарың.
Жакшы окуп жатабы,
Өспүрүм жаш балдарың.

Ичкемин тунук суунду,
Сүйгөмүн жапжаш сулуунду.
Эстедим сары коонду,
Сагындым кара тоонду.

Ак-Жарым сени эстедим,
Көп жылдар болду кеткеним.
Сулуулар чыгат Ак-Жардан,
Бажырайтып көздөрүн.

## *Ак-Сай*

Кынданды ашып өттүк, ашуу бийик,
Күн чыкты алтын нурлар зоого тийип.
Ак-сайды төрт түлүк мал мекендесе,
Аскасын конуш кылган сансыз кийик.

Байлыкка, берекеге белги болгон,
Кең Ак-Сай ар өзөнү малга толгон.
Кой жайып бизге келип саламдашты,
Колхоздун баш чабаны атчан Ормон.

Калдайып колхоз малы жаткан экен,
Канткенде чыгарамын муну эстен.
Буралып көк бетеге жана тулан,
Ак-сайым айланайын берекеңден.

Аркайган жарашыктуу аскалары,
Чокусунда кылым жаткан мөңгү кары,
Ак карга из түшүрүп чыйыр салып,
Асканы мекен кылган аркарлары.

Эх, чиркин ай жыты кандай жагымдуу,
Ооруп турсам сергиткенсиң жанымды.
Неге жыттуу Ат-Башымдын абасы,
Жыпарынан себет тура агымы.

Эңсеймин ак жардын тогуз булагын,
Шыңгыр үнүн миң кайталап угамын.
Түшүмдө да шыбыртынды сеземин.
Артып турат күндө куса кумарым.

## *Кыргыз жайлоосу*

Ак-Сайым адыр жер болот,
Жылгалуу бодур бел болот .
Акактап алыс жол жүрүп,
Жайытка барып эл конот.

Кышкысы жылуу бир башка,
Жайкысы салкын таптаза.
Жазга жуук Ак-Сай шамалы,
Бурганак болот бир паста.

Булуттан булут уланып,
Ала-Тоо жатат суналып.
Жыпарын чачат гүлдөрү,
Төшүндөй кыздын чыңалып.

Эгиздеп коюу маарашат,
Ынтыгып сазда уй жатат.
Жылкычы жылкы имерип,
Асоону кармап туйлатат.

Мен бардым далай төрлөргө,
Көз салып колот белдерге.
Сыйындым, өптүм өтөгүн,
Жаштыгым калган жерлерге.

Көз түштү өтөк көгүнө,
Жайкалган жашыл чөбүнө.
Түбөлүк сенде жүрүүгө,
Чиркин өмүр көп болсо эмине.

Туулуп өстүм Ала-Тоо,
Туланын болуп төшөгүм.
Жетимиш бешке чыксам да,
Алымды күчтүү сеземин.

## *Туулган жерим чоң колот,*
## *таяке-тайым чоң болот.*

Ак Марчаны жердеген,
Үч чатты бүтүн ээлеген.
Ымамбай менен Акматбай,
Бири менин таякем.

Төрт түлүк малы батпаган,
Барлыгы малдуу бай эле.
Төрт киши келсе конокко,
Сойгону кызыр эмдүү тай эле.

Жоголгон жашоо турагы,
Ала-бата сүт тикен.
Томсоруп турат көңүлсүз,
Уулга уулунун ичкен булагы.

Кайгырып кайта жөнөдүм,
Түгөнсүн совет сурагы.
Таалайлуу жериң өтө кең,
Тармалдашкан бетегең.

Таң турмуш эми оңолор,
Там салып кайра келишээр.
Неберең менен чөбүрөң,
Башкы айрык менен орто айрык.

Четки айрыктан кой кайрып,
Малдары жатчу жайылып.
Өткөн кезди элестеп,
Жөнөдүм кайра кайгырып.

Канткенде эстен чыгарам,
Тетиги суу ичип жүргөн булакты.
Сугарып кел деп баруучу,
Таякем, аргымак сындуу сүр атты.

## Касиеттүү Нарыным
## (Нарын шаарынын 125 жылдыгына)

Нарыным өскөн шаарым талпындырган,
Түшүмдө тулпар минип камчылаган.
Өскөн шаарым унутууга акым жок,
Жүрөккө элесиңди тартып алгам.

Шаарымдын көркүн ачкан Нарын дайра,
Кээде шар, кээде агып жатат ушул сайда.
Араалап токсон тогуз токой тоону,
Алдастап агып жатат алда кайда.

Тоо этектеп Нарын шаарым салынган,
Туулуп өстүм касиеттүү Нарындан.
Ар кимдики ай көрүнөт көзүнө,
Айланайын кырка кырка чабыңдан.

## Нарын суусу

Нарын суу бирде киргил, бирде тунук,
Майда кирет буркан-шаркан күкүк болуп.
Бактыңды билим менен баш ийдирди,
Жатуучу элең ушул сайда дудук болуп.

Атырылган аскасынан Эки-Нарын,
Албууттанып агызып таштын баарын.
Ильичтин шамын жактың далай жерге,
Алп күчүнө аркалап калктын камын.

Токтогулга курулуп плотина,
Жарыгы жеткирилди алда кайда.
Билим менен баш ийдирген карт Нарынды,
Миң мертебе ыраазымын акылманга.

## Ала-мышык Ата энем!

Асманды тиреп заңкайган,
Кар жатат буурул башында.
Көз уялткан ак тоондон,
Карагай өсөт ташында.

Атырдай жыты буркурап,
Арчасы өскөн жанаша.
Жибектей жумшак сезилет,
Туланын адам кармаса.

Айланып учкан ылаачын,
Ак зоого салат уясын.
Талпынса көккө балапан,
Таң калып карап турасын.

Бир тобу турат үнкүрдөн,
Карачы буга ким кирген.
Ичине кирсең караңгы,
Угулат табыш үшкүргөн.

Карагай, арча, четини,
Шаарга кыйла көрк берет.
Кылымдар бою турасың,
Калаанда жүрөм эркелеп.

## Нарын шаарым мекеним

Нарын шаарым ырыс таалай багымсың,
Бар денеме жүрүп турган канымсың.
Күчүмө күч, жашыма жаш улаган,
Нарын шаарым түбөлүккө кубанчым.

Кары дебей, жаш дебей,
Тилейбиз тынчтык заманын,
Жаштар өсүп, гүлдөсүн,
Эң биринчи талабым.

Нарын шаарым мекеним,
Мен сенден секет кетемин.
Тоодой торколуу тоюнда,
Троллейбус минер бекемин.

## *Ырыс таалай багымсың*

Нарын шаарын көп улуттар жашаган,
Көпчүлүгү кыргыз эли тараган.
Тоо да жашыл, ой да жашыл жаңырган,
Көчө жашыл, талаа жашыл жамынган.

Нарын шаарым ырыс таалай багымсың,
Бар денеме жүрүп турган канымсың.
Түбөлүккө куту болгон элимдин,
Жаркыраган күйүп турган шамымсың.

Шаарымдын көркүн ачкан Нарын дайра,
Элине эбегейсиз берип пайда.
Аралап токсон тогуз токой тоону,
Алдастап агып жатат алда кайда.

Жалпы элиме жарык тийген күнүмсүң,
Мен ырдасам шаңдуу бийик үнүмсүң.
Күчүмө күч, жашыма жаш улаган,
Нарын шаарым түбөлүккө кубанам.

Айланып учкан ылаачын,
Ак зоого салат уясын.
Талпынса көккө балапан,
Таң калып карап турасын.

Бир тобу турат үнкүрдөн,
Карачы буга ким кирген.
Ичине кирсең караңгы,
Угулат табыш үшкүргөн.

Карагай, арча, четини,
Шаарга кыйла көрк берет.
Кылымдар бою турасың,
Калааңда жүрөм эркелеп.

## Нарын шаарым мекеним

Нарын шаарым ырыс таалай багымсың,
Бар денеме жүрүп турган канымсың.
Күчүмө күч, жашыма жаш улаган,
Нарын шаарым түбөлүккө кубанчым.

Кары дебей, жаш дебей,
Тилейбиз тынчтык заманын,
Жаштар өсүп, гүлдөсүн,
Эң биринчи талабым.

Нарын шаарым мекеним,
Мен сенден секет кетемин.
Тоодой торколуу тоюнда,
Троллейбус минер бекемин.

## Ырыс таалай багымсың

Нарын шаарын көп улуттар жашаган,
Көпчүлүгү кыргыз эли тараган.
Тоо да жашыл, ой да жашыл жаңырган,
Көчө жашыл, талаа жашыл жамынган.

Нарын шаарым ырыс таалай багымсың,
Бар денеме жүрүп турган канымсың.
Түбөлүккө куту болгон элимдин,
Жаркыраган күйүп турган шамымсың.

Шаарымдын көркүн ачкан Нарын дайра,
Элине эбегейсиз берип пайда.
Аралап токсон тогуз токой тоону,
Алдастап агып жатат алда кайда.

Жалпы элиме жарык тийген күнүмсүң,
Мен ырдасам шаңдуу бийик үнүмсүң.
Күчүмө күч, жашыма жаш улаган,
Нарын шаарым түбөлүккө кубанам.

Токтогуча толкундай бер жүрөгүм,
Төрүн жаяр эртели кеч бир өлүм.
Калкым аман каатчылык жоюлсун,
Жалгыз ушул мен ойлогон тилегим.

*1989-жыл 29-май, бүгүн көчө майрамына арнап, Московский көчөсү Нарын шаары боюнча биринчиликти алып жогорку акчалай сыйлык алгандарга ыр саптары!*

Москва көчөм жыргалым,
Катарлаш окшош тамдарың.
Тынчтыктын кенен көчөсү,
Ырдагым келет, ырдагым.

Көркөмдүү көчөң таптаза,
Бак дарагың теңселет.
Бет алды согуп салкын жел,
Денеге кубат күч берет.

Көп үйлөр жаңы салынды,
Көрк берип шаарым жаңырды.
Көркөмдүү үйгө киришип,
Карасарт, Шоңко кубанды.

Жаркырап Ильич шамдары,
Убара болбойт кемпир чал.

Үйүндө даяр чоргосу,
Булактай аккан суусу бар.

Жашай бер калкым жаркырап,
Илгерки көргөн түш сымак.
Сырдашып көңүл ачуучу,
Маңдайда “Жеңиш” парк турат.

Жаштарга билим беришкен,
Алтымыш жылдык мектебин.
Самагандын баарын алуучу,
Жанында Сайкал дүкөнүн.

Нарыным менин мекеним,
Бак дарагы бүрдөп көчөмдүн.
Ушундай шаарда жашаган,
Таалайлуу кары экенмин.

Убакыт ылдам өткөнү ай,
Жашаармын эми аз жылдай.
Түбөлүк сенде жүрүүгө,
Өмүр көп болсо чиркин ай.

## Ала-Тоомо ырыс толсун

Ала-Тоого камалып санга кирбей.
Кыргыздын эл экенин эч ким билбей.
Кол салып чаап турчу тынчтык бербей,
Жүрбөдүкбү жашообузда таяк жебей.

Эл элек Ала-Тоодо туман баскан,
Көрүнбөй жарык дүйнө тунук асман.
Сөзүңдү айталбастан думукканбыз,
Камандар карыштырып тишин салган.

Кыргызым эки миң жылың куттуу болсун,
Кыргызга тынчтык орноп кутман консун.
Көбөйүп кыргызымдын даңкы чыгып,
Жериме, Ала-Тоомо ырыс толсун.

## Байбичеме

Мен согушка кеткенде эл сактап,
Сен ыйладың жеңип кел деп бышактап.
Жеңиш менен кайтып келдим элиме,
Сен кубандың кыса кармап кучактап.
Согуштагы уктабаган уйкумду,
Үйдө жатам, баштан аяк толуктап.

## *Кемпирим, сенден ким сулуу*

Керүүгө чыккан гүл сулуу,
Кечинде баткан күн сулуу.
Кенедей чакта баш коштук,
Кемпирим, сенден ким сулуу?

Казылып жаткан кен сулуу,
Калайык калкым, эл сулуу.
Каныбыз бирге кошулду ,
Кадырлуу кемпир сен сулуу.

Көйкөлүп жаткан көл сулуу,
Көл үстүндө күн сулуу.
Балдарым бар багым бар,
Бакиден кемпир, сен сулуу.

## *Кагылайын берекем* (*Неберем Гүлзатка*)

Калк ичинде жүрө берсе башы эсен,
Каалаганга жетүү деле бат экен.
Гүлзат деген кыздуу болдум муштумдай,
Карааныңдан кагылайын берекем.

Тынчтык болсун эл ичинде жүрөлү,
Шаттаналы балдар менен күлөлү.
Чарчап келип Гүлзатымды өпкөндө,
Ишенгиле семире түшөм бир эли.

Кубангандан кубаттанды атакең,
Узун жаша кагылайын көлөкөм.
Эрмек кылып төрөп берди мен үчүн,
Алкыш айтам айланайын келинден.

## *Айтканымды актагын*
## *(Неберем Саламатка)*

Биринчи менин айтарым,
Билимден башыңды тартпагын,
Окуу деген нуска сөз,
Айтканымды актагын.

Гезит менен журналды,
Кандай да болсо тытпагын.
Калтырбай окуп жүргүлө,
Акындардын жазганын.

Уккула балдар кебимди,
Алгыла алтын билимди.
Келжеңдеп басып кетпегиң,
Сапы, келтирип менин жинимди.

Курман болуп кетейин,
Калдайган кыргыз элиме.
Сөөгүмдү алпарып койгула,
Өзүмдүн туулган жериме.

## *Туулган күнүң менен Жекибай*

Жекибай менин тилегим,
Ачык болсун көңүлүң.
Билигиң өчпөй түбөлүк,
Миң жашасын өмүрүң.
Үй-бүлөң аман сен аман,
Кайненең аман мен аман.
Орундап максат тилегин,
Айыгып кетсин жүрөгүң.

## *Кош Муса*

Азыраак жашап , жаш кеттиң,
Ардагым Муса булбулум,
Ак калпак кыргыз унутпайт.
Арадан өтсө миң кылым...
Кыргыздын тоо булбулу,
Кыйла жыл билген баркыңды.
Калкыңа бердин баа жеткис,
Көөдөндө байлык алтынды.
Кымбаттуу мукам үнүңдү,
Күкүктөн тартып алдыңбы?
Кыргызым сени унутпайт,
Кымбаттуу Муса атыңды.

## Кайран Мидин

Буулуп сүйлөбөстөн булбул тилиң,
Өмүрүң жалт өчтү го кайран Мидин.
Маркумдун таштап кеткен белеги деп,
Ырыңды ысык сактайт кыргыз элиң.

Сен жаздың кенен Ак-Сай, Арпа, Нарын,
Көк-Арт, Соң-Көл жана турмуш шарын.
Тилиңчи, бюрократты куйкалаган,
Элиң го жалбырттаган кызыл жалын.

Ак көңүл, элпек элең элин сүйгөн,
Ажырадык айланайын Мидин сенден.
Эми мен эмне дейин айталбаймын,
Жайлуу болсун жаткан жериң, тиги дүйнөң.

Булкулдап муунум бошоп мен ыйлайын,
Элесиң көз алдыма жүрөт дайым.
Өлүмгө эч убакта кыйбайт элем,
Кош боорлошум Мидин, не кылайын.

## Ак калпак кыргыз мактаган
### (Төкмө акын, сөз чебери, комузчу жана манасчы Актан Тыныбек уулун эскерип)

Алтымыш төрт жашында,
Кош айтышкан биз менен.
Үлгүлүү кептен баштаган,
Уккан киши мактаган.
Анча-мынча чечендер,
Айтышууга батпаган.
Менменсиген көп ырчы,
Агайымдын алдында,
Бир ооз ырын таппаган.
Көкөтөйдү айтканда,
Ак калпак кыргыз мактаган.
Сүйлөп берген нускадан,
Кызыктуу сөздөн баштаган.
Канчалык капа болсо да,
Кайгырбаган, шашпаган.
Семетей, Манас баатырдын,
Сейтегин кошо айтчу эле.
Алмамбет, Сыргак, Чубакты,
Ойлонбой туруп айтчу эле.
Жагымдуу болчу айтканы,
Суктанчу чебер жазканы.
Агамдын көзу өтсө да,
Эл үчүн калды дастаны.

## Таазим Арстанбек атага

Кылымда нелер кетип, нелер калат,
Адамзатка доор коёт не талап.
Алдын ала айтып кеткен Арстанбек,
Айтканына жалпы элим таң калат.

Акылдууга ишениңээр керек деп,
Айтып кеткен ушул заман келет деп.
Ачык эле айткан экен ыр менен,
Арбагыңдан айланайын Арстанбек.

Тарыхтардын барагына сакталып,
Жүрөктөрдө аты жүрөт жатталып.
Жүрө берсин эл оозунда улуу адам,
Ыры менен күүсү менен макталып.

## Кыргыз элинин төкмө акыны Эстебес Турсунаалы уулуна

Ырыңа мукам үн берген,
Комузуң жардам колдогу.
Жактырып калкың макташат,
Ал башыңа бактын конгону.

Аа десең оозуң ачылып,
Ырдайсың ырдын неченин.

Чалкытып жаңы ыр ырдап,
Чарчабай турган кезегиң.

Казына байлык кенч болду,
Калыктан алган жемишиң.
Акындын жолун улантып,
Айдай бер ырдын кемесин.

## Уулум Байдылда Сарногоевге

Күтчү элем сенин келээриң,
Жалындуу салам беремин.
Шашылбай көрүп кете көр,
Нарындын салкын төрлөрүн.

Мен болсо жакшы жүрөмүн,
Жетимиш төрттө курагым.
Даамдаш болуп көрүп кет,
Нарындын Сейил-Булагын.

Салам айт Талас жерине,
Өмүрлүк сүйгөн теңиңе.
Кымыз ичип жер көрүп,
Жайкысын келсең эмине.

## *Чыңгыздын 50 жылдыгына*

Элүү жашың кут болсун кагылайын,
Короондо бүрдөп турсун арча-кайың.
Чыңгызды кыргыз кылып төрөп берген,
Энеге алкыш айтам, дайым-дайым.

Дүйнөгө китептериң болуп дайым,
Чарчабай жаса бергиң айланайын.
Кыргызды кыяматын кубандырат,
Жаңырып кылымдар өткөн сайын.

Талантын ташкындаган азыр жашсың,
Эл, көрүп нечен жердин кыйрын бастың.
Кыргыздын бүт тукуму окуп, кызыккандай,
Дагы бир эң кызыктуу китеп жазгын.

## *Айдайсың ырдын кемесин*
### *(Жумамүдүн Шералиевге)*

Ашсаң да 75тин белесин,
Айдайсың ырдын кемесин.
Булбулдай сайрап калкыңа,
Мыкты чыгарма бересиң.

Жалжалын жазып жаштыктын,
Кылымдай жашты карыттың.

Бактылуу элдин түбөлүк,
Байлыгы болдуң анык чын.

Жумаке үнүң токтотпо,
Элиң бар сенин колдошко.
Чыгарган сенин обонуң,
Жер тургай жетти космоско.

Көңүлдү ачып күү черткен,
Кастарлайт сизди кең мекен.
Сүйкүмдүү обон чыгарган,
Жумакем эмей ким экен!

## *Каалоо*

Болбостур врачтарды сүйбөгөн жан,
Кичи пейил, боорукер ак халатчан.
Врачтар баарыңарга бакыт тилейм,
Кагылайын балдарым кабыл алсын.

Күнү-түнү ажал менен күрөшөт,
Өлчөөсү жок врачтардын салымы.
Мен аларга чын ден соолук тилеймин,
Өркүнү өсүп, арта берсин арымы.

## *Врачтарга*

Адамдын өмүрүнө өмүр улап,
Врачтар күзөтчүдөй карап турат.
Жабыркап ооруп барсаң, айла таппай,
Ооруңду дүрбү салып тыңшап табат.

Врачтай боорукерди таба аламбы,
Врачта жүрөк башка жаралганбы.
Билегин түрүнгөндө оору качып,
Өмүрдүн арбыгандай кадамдары.

Пейлиндей халаттарың аппак бойдон,
Эч коркпос жүрөгүңө курчтук толгон.
Врачтын ак эмгеги түйшүктөрү,
Жашоого тунук булак, чырак болгон.

Тилеги түрдүү ооруга болуп бөгөт,
Күч шилеп, маанай ачып мээрим төгөт.
Адамдын болгон дартын сууруп чыгып,
Алпештеп ата-энедей көңүл бөлөт.

## *Медицина илимдеринин кандидаты, хирург Сулайманов Талантбекке*

Сенин колуң ар адамды аяр кармап чебердеп,
Сенин көзүң ар адамды үңүй карап терендеп.
Жумурткадан жаңы чайкап чыгарасың кайрадан,
Жаткан кезде жан талашып, ай жашамак белем деп.

Адам үчүн күйүп жатып, ак эткенден так эткен,
Жан аябай өлүмгө тез канча жолу кан кечкен.
Сен да ошондой ак халатчан врачсың,
Ажал менен жекеме жеке күрөшкөн.

Сен эр жүрөк, сен акжолтой уулусуң мекендин,
Алкыш айтам, алкыш айтам, мен айланып кетейин.
Сен уулумсуң,сен инимсиң өз ишине даанышман,
Узун жаша улукманым айланайын берекем.

## *Улукманым кагылайын*
### *(Ардагерлердин ооруканасынын башкы дарыгери Белек Кадыровко)*

Ак халатчан улукман айланайын,
Короондо бүрдөп турсун арча-кайың.
Үй-бүлөң менен узун жаша, аман болуп,
Ар дайым бал татысын ичкен чайың.
Гүл ордуна ыр сунайын эки колдоп,
Кабыл ал улукманым кагылайын.

## Ак халатчандарга алкыш

Врач мени сактап жүрөт түбөлүк,
Врач менен мен жүрөмүн күн көрүп.
Врачтар кымбат мага баарынан,
Мен врачка таазим этип жүрөмүн.

Врач мага кан кошконсуп каныма,
Врач мага дем бергенсип жаныма.
Миң мертебе алкыш айтам кубанып,
Узун өмүр мен тилейин баарына.

Врач менин атам деле энемсиң,
Врачтарга кандай адам тең келсин.
Эркелетип баласындай ойготуп,
Айтып турат ооруп калсаң кеңешин.

Беш жыл бою бел чечпедим кан кечип,
Ал кезекте ок жаңылган жер ооруп.
Дартка даба, жанга шыба болушкан,
Ак халатчан улукманым кудайым.

## Чыңгышакун

Колуң жумшак кармаласаң денемди,
Алкыш айтып мен кармадым калемди.
Дары берип, ийне сайып үч убак.
Чыңдадың го сасып калган денемди.

Өмүргө өмүр жатса уланып,
Ким алкышты айтпайт экен кубанып.
Өнөрүнө Чынгышакун баш ийип,
Ырдан бүткөн гүлдү сунам суранып.

Толкунданып майрамыңды куттуктаймын,
Короондо бүрдөп турсун арча-кайың.
Бала чакаң аман болуп жакшы өссүн,
Ар дайым бал татысын ичкен чайың.

## *Ардактуу 60 жашың кут болсун!*

Ден соолуктун сакчысы,
Акындардын жакшысы.
Алтымыш жашың кут болсун!
Ал азаматтын бактысы.

Алтымыш жаш эркек үчүн карыбы,
Толуп турган он беши айдын жарыгы.
Эми тынбай иштей турган убагың,
Жашарам деп иче бербе дарыны.

Өмүрүнө өмүр турсун уланып,
Ырларыңды эл окусун кубанып.
Ак халатчан улукманыма баш ийип,
Ырдан бүткөн гүлдү сунам суранып.

## Мугалимдер данкыңар өтө бийик

Мугалимдер данкыңар өтө бийик,
Кубанып курсант болом жүрөк сүйүп.
Куттуу болсун мугалимдер майрамы,
Көкөлөсүн кызыл байрак көккө тийип.

Мугалим деп атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка кийрип нечен барчын.
Элжиреп элиң жалпы сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышат нечен акын.

Жашоого билим жатса уланып,
Ким алкышты айтпай турат кубанып.
Мугалимдер баарыңарга баш ийип,
Ырдан бүткөн гүлдү сунам суранып.

## Мугалим кең билимдин булагы

Мугалим бул- кең билимдин булагы,
Экинчи үйү аппак мектеп турагы.
Жаш өспүрүм балапандар жетилип,
Билим алып көз ачылып кубанды.

Мугалим ар убакта ак тилейт,
Жаш муундар жакшы билим алса деп.
Бүт талабы тилегени мына ошо,
Өнөр билип, өргө карай барса деп.

Мугалимдик кесип кандай ырахат,
Жаштарына түрлүү кесип жарашат.
Сыймыктанат окуучусун көргөндө,
Кубанычы койну толо шарактап.

Мугалим деп, атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка салып нечен барчын.
Элжиреп элиң бүтүн сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышып нечен акын.

## *Балам окуп, билим ал*

Ар дайым болгун алдыда,
Ак эмгек жаза калкыңа.
Эринбей окуп чынчыл бол,
Эжеңе берген антыңа.

Мектепти сыйлап билим ал,
Мекендин ишин билип ал.
Ардактап сени окуткан,
Агайыңдын тилин ал.

Бапестеп бактым балдарым,
Атаңа наалат кылбагың.
Салымың сенин бул болот,
Сабактан “5” баа алганың.

## Мугалимдер данкыңар өтө бийик

Мугалимдер данкыңар өтө бийик,
Кубанып курсант болом жүрөк сүйүп.
Куттуу болсун мугалимдер майрамы,
Көкөлөсүн кызыл байрак көккө тийип.

Мугалим деп атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка кийрип нечен барчын.
Элжиреп элиң жалпы сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышат нечен акын.

Жашоого билим жатса уланып,
Ким алкышты айтпай турат кубанып.
Мугалимдер баарыңарга баш ийип,
Ырдан бүткөн гүлдү сунам суранып.

## Мугалим кең билимдин булагы

Мугалим бул- кең билимдин булагы,
Экинчи үйү аппак мектеп турагы.
Жаш өспүрүм балапандар жетилип,
Билим алып көз ачылып кубанды.

Мугалим ар убакта ак тилейт,
Жаш муундар жакшы билим алса деп.
Бүт талабы тилегени мына ошо,
Өнөр билип, өргө карай барса деп.

Мугалимдик кесип кандай ырахат,
Жаштарына түрлүү кесип жарашат.
Сыймыктанат окуучусун көргөндө,
Кубанычы койну толо шарактап.

Мугалим деп, атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка салып нечен барчын.
Элжиреп элиң бүтүн сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышып нечен акын.

## *Балам окуп, билим ал*

Ар дайым болгун алдыда,
Ак эмгек жаза калкыңа.
Эринбей окуп чынчыл бол,
Эжеңе берген антыңа.

Мектепти сыйлап билим ал,
Мекендин ишин билип ал.
Ардактап сени окуткан,
Агайыңдын тилин ал.

Бапестеп бактым балдарым,
Атаңа наалат кылбагын.
Салымың сенин бул болот,
Сабактан "5" баа алганың.

## *Мугалимдер данкыңар өтө бийик*

Мугалимдер данкыңар өтө бийик,
Кубанып курсант болом жүрөк сүйүп.
Куттуу болсун мугалимдер майрамы,
Көкөлөсүн кызыл байрак көккө тийип.

Мугалим деп атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка кийрип нечен барчын.
Элжиреп элиң жалпы сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышат нечен акын.

Жашоого билим жатса уланып,
Ким алкышты айтпай турат кубанып.
Мугалимдер баарыңарга баш ийип,
Ырдан бүткөн гүлдү сунам суранып.

## *Мугалим кең билимдин булагы*

Мугалим бул- кең билимдин булагы,
Экинчи үйү аппак мектеп турагы.
Жаш өспүрүм балапандар жетилип,
Билим алып көз ачылып кубанды.

Мугалим ар убакта ак тилейт,
Жаш муундар жакшы билим алса деп.
Бүт талабы тилегени мына ошо,
Өнөр билип, өргө карай барса деп.

Мугалимдик кесип кандай ырахат,
Жаштарына түрлүү кесип жарашат.
Сыймыктанат окуучусун көргөндө,
Кубанычы койну толо шарактап.

Мугалим деп, атыңар бизге жакын,
Учурдуңар тапка салып нечен барчын.
Элжиреп элиң бүтүн сыймыктанат,
Ыр жазып кубанышып нечен акын.

## *Балам окуп, билим ал*

Ар дайым болгун алдыда,
Ак эмгек жаза калкыңа.
Эринбей окуп чынчыл бол,
Эжеңе берген антыңа.

Мектепти сыйлап билим ал,
Мекендин ишин билип ал.
Ардактап сени окуткан,
Агайыңдын тилин ал.

Бапестеп бактым балдарым,
Атаңа наалат кылбагын.
Салымың сенин бул болот,
Сабактан “5” баа алганың.

## Чоң курсак

Ой, чоң курсак-чоң курсак,
Кудайга жоктур арманың.
Сен тууганды күрдүң жардамын,
Нарынды колго кармадың.
Кашка өгүздөй жалмадың,
Көлөмдүү жигит болсоң да,
Көрүнбөдү иште салмагың.
Акылдуу адам түшүнөөр,
Айтпаймын сөздүн ар жагын,
Бул ырды сага арнадым,
Дүйнө жыйнап акча таап,
Артышта жүрөт алганың.

## Бригадирдин жаманын шайлабай койсо не болот

Кампачы кара тоголок,
Кампадан эгин жоголот.
Катындан болду кампачы,
Канткенде колхоз оңолот.

Кампачыбыз келинден,
Буудай нан жеп семирген.
Баспай калса байталы,
Мына минтип теминген.

## *Жакын келиниме жаңытма*

Ак-Кыя айылым чап чакан,
Айылдык элди сыйласаң.
Ырыскы мында эмеспи,
Улууну кичүү сыйлашкан.

Жаман сөз сага айтпасам,
Дүкөнчүгө колтук ачпасаң.
Жардамчы болуп дүкөнгө,
Ашырып арак сатпасаң.

Көөдөндү көккө какпасаң,
Дүкөнчү жакка тартпасаң.
Бүт элиң жакшы көрмөкчү,
Жашырып арак сатпасаң.

Жегичти өлгөнчө мактасаң,
Алардын тузун татпасаң.
Өркүндөп өсөт болчусуң,
Төркүнүң жака качпасаң.

Өзүңдү өзүң сактасаң,
Ичкилик жакка баспасаң.
Ишенимдүү болмоксуң,
Бүт элиң мактап Күлүмкан.

Аракка абийир сатпасаң,
Алдоонун жолун таштасаң.
Балдарынын багып балдарын,
Бак конмок сага капкачан.

## *Аялдар-үйүм жай алган*

Бүркөө күндө, тийип турган күнөзүм,
Ачуулансаң алда ак мага мүнөзүң.
Саябаным аскар тоодой чалкыган,
Үй-бүлөмдүн куту жалгыз бир өзүң.

Көчүгүм кадалгансып бир орунда,
Көп иштеп бүтүрөмүн тилим менен.
Ойлонуп башты оорутпайм аялым бар,
Оозума аш, үстүмө кийим белен.

Алтын жүрөгүнүн назиги ай,
Ар ишке ак пейил дили менен.
Эстесе үй-бүлөнү, баласын да,
Эки эмчеги сүт толуп дирилдеген.

Уйгө ташып тапканын жамап-жаскап,
Он тыйынга суу ичпей битиреген.
Ал эми биздики го эчтеке эмес,
Акча кетсе аракка литирлеген.

Кечиксе күнөөгө алам кабак түйүп,
Таза экенин билсем да, жүрбөгөнүн.
Конуп-түнөп жоголсом ошол байкуш,
Кокуй күн эмне болду деп түңүлбөгөн.

Азыраак аял жанда болбой калса,
Акылыбыз айраңдап, бириндеген.
Шордуу болуп калабыз бир заматта,
Шоролонуп эки көз ириңдеген.

## *Сен менен жашоом бир болсо*

Жылмайып сүйкүм карасаң,
Жароокер сени жаратам.
Жашында ойноп күлсүн деп,
Жаш кылып бизди жараткан.

Каухардай тишиң жаркырап,
Көзүңдөн жанат шам чырак.
Имере тартсам денеме,
Жыпардай жытың бетке урат.

Кызыктын байкам түрүнө,
Түбөлүк болуп жүрүүгө.
Кыйналсам мейли жетсем дейм,
Жаштардын сендей гүлүнө.

Жароокер сүйгөн ардагым,
Сүйүмдү сага арнадым.
Көң жаштан тандап өзүңө,
Боорумду сага жайгамын.

Кеч десең суу кечейин,
Сен менен жашап өтөйүн.
Убадаң берчи макул деп,
Көзүңдөн секет кетейин.

## *Ар кимдин сүйгөн жары бар*

Кат жазам сага күнүгө,
Кабарыңды билүүгө.
Жалоорутуп кан жуткан,
Жашчылык кандай неме эле.

Сен үчүн барам караалап,
Калбасын ишим талаалап.
Ойлонуп көрчү жароокер,
Сүйүүдөн турмуш жаралат.

Көзүң бир бышкан карагат,
Сен үчүн кылам далаалат.
Ар кимдин болот душманы,
Калбасын бизди табалап.

Ар кимдин сүйгөн жары бар,
Бактысына табылаар.
Баш кошсом деймин түбөлүк,
Балбылдайт көзү жаныбар.

## *Жароокер кайда жүргөнсүң*
### *(Жети-Өгүз эс алуу жайында 75 курагымда, 1992-жыл, 20-май)*

Бир жүрдүң он күн жанымда,
Жанымды салдың жалынга.
Мурунтан кайда жүргөнсүң,
Булбулдай жаштык барында.

Жүрөктүн оттуу чагында,
Аялым жокто жанымда.
Жароокер кайда жүргөнсүң,
Жалтанбас жаштык барында.

Жаштыктын толук маалында,
Жаш убак күчтүү чагында.
Кабылып калсаң кеп болмок,
Кайраттуу кайрат баарында.

Жүрөмүн Нарын шаарында,
Топук кылып баарына.
Табытым тартпай калган кез,
Таарынба мага таарынба.

## Ишенбейм түшкө

Байбичем жаман алба айтканымды,
Түшүндө кызыңа, шырдак берип жатканыңды.
"Жаңылбай жакшылыкка жору" дейсиң,
Калың жеп, шырдак берип атканыңды.
Шырый бер, шырый бер шырдагыңды,
Калың жеп сата албайм кыздарымды.
Мен айтам эскиликти колдой албайм,
Канчалык төксөң дагы ызгаарыңды.
Байбичем , ишенбегиң көргөн түшкө,
Баары бир жыргал заман азыр бизде.
Калың алып, калың берген заман өткөн,
Жыргалды түштөн эмес иштен изде.

## Согуш майданын эскерип

Майданында беш жыл болдум согуштун,
Канкор менен жан аябай согуштум.
Жылга-жыбыт толуп кетти өлүккө,
Калбадыбы токоюнда орустун.

Элибизди бүт кырууну көздөгөн,
Душман күчүн айтуу кыйын сөз менен.
Канды кечип кирдик нечен жалынга,
Салгылаштык штыковой муш менен.

Так ушулар шейит кетти билебиз,
Келбесе да үмүт үзбөй жүрөбүз.
Атын атап, дуба кылып ар дайым,
Таазим этип башыбызды ийебиз.

Ар бир үйдө ардакталган ардактар,
Ойноо кези он сегизде жаш балдар.
Мына ошентип эли үчүн жан кыйып,
Эли үчүн курман болгон арбактар.

Согуш мыкаачы, согуш билет өткөндү,
Согуш шүмшүк, дүйнө жүзү жек көрдү,
Күнөөсү жок жыйырма миллион калкымды,
Кыйноо менен кыяматка өткөрдү.

Беш жыл болгон согуш менин түнөгүм,
Көрүп келдим ажалы жоктон келгенин.
Кан майданда ок тийгенде жыгылсам,
Өйдө бол деп жерим гана жөлөдүң.

Согуш билет, согуш күбө баарына,
Далай жаштын сүйүүсүнө от жактың.
Күтө-күтө томсоруштү зарыга,
Какшап ыйлап жетпей калды жарына.

## *Күлгүн курак, жаш чакта*
## *(1943- жыл, Ворошилов шаары)*

Сени ойлоп согот жүрөгүм,
Жүрбөдүм бирге дебегин.
Жазылган каттын ичинде,
Жалыны кетти денемдин.

Жаштыктын багын сайрандап,
Жаш курбум бирге баспадым.
Акактай тунук сүйүүмдү,
Аманат сага таштадым.

Кан кечип мында турабыз,
Энеме кылгын кол кабыш.
Өзүңдөй сүйкүм кыз менен,
Душманды сөзсүз жыгабыз.

Сүйгөнүм менден суранат,
Сүйүүдөн турмуш куралат.
Келечек турмуш жыргалдын,
Күбөсү болсун ушул кат.

## Кыргыздын орус жүрөгү

Эскерем согуш күндөрүн,
Кан кечип беш жыл жүргөмүн.
Ажалдын огу балбылдап,
Жагылган жерден келгемин.

Калкыма айтам оюмду,
Май айы айдын сонуну.
Ынтымак тынчтык жыттанып,
Ырыска толгон койнуну.

Кыргыз менен орустун,
Башынан бирге тилеги.
Согушта бирге согушуп,
Чогуу болгон түнөгү.

Окопто жатып жанаша,
Ок аттык кара ниетке.
Намысты колдон кетирбей,
Ээ болгонбуз жеңишке.

Жаңыртып аттык минамёт,
Жанымда орус бир боорум.
Жан талашып немистер,
Көтөргөн бизге колдорун.

Гранатты ыргытып,
Өрт койдук нечен танкага.
Чапма нике кыйганбыз,
Ак саргыл сулуу немкага.

## *Отуз жигит чогуу кеттик*

Отуз жигит чогуу кеттик согушка,
Алтоо араң кайта келди конушка.
Ат-Башыдан Сартбай менен Сайнылда,
Ак-Музунан күйөө бала Кайбылда.

Ийри-Суудан Абдыкерим келди эле,
Кайтыш болду өткөн жылы жайында.
Абдыкадыр азыр деле бар экен,
Быйыл көрдүм июнь, июль айында.

Бизден кийин барган экен Кара уста,
Эки көздөн айрылыптыр согушта.
Мына согуш эмнелерди кылбады,
Ичерине тамагы жок тылдагы.

Мындан ары согуш оту күйбөсүн,
Жакшы өссүн ар кишинин балдары.
Музыканын угулбасын муңдары,
Кууралдын бар кубанычтуу жыргалы.

## Кан майдандан калкыма кат

Абасы атыр жыттанган,
Алыста жүргөн жаштардан.
Ала-Тоомо жете көр,
Ак кагазда аманат.

Ажыдаар жойлоп булгаган,
Ачылбас туман жердемин.
Согушта жүргөн баландын,
Калкым амандыгын тилегин.

Кырк биринчи жылында,
Жыйырма экинчи июнда.
Дүйнөлүк согуш башталып,
Маалым болдук кылымга.

Ыйлатып байкуш апаны,
Сабашты кары атаны.
Ушундай апаат күндөрдө,
Кыргызым үйдө жатабы.

Ал бугу менин түпкү апам,
Бул тоого жашын тамыскан.
Бул тоону коргоп түпкү атам,
Нечен жоо менен чабышкан.

Эх,чиркин кандай тоо элең,
Козголот дайым делебем.
Үнкүрдө жашап жүрчү экен,
Мүйүздүү түпкү бугу энем.

## *Кан майдандан калкыма кат*

Эч ойсуз ойноп кубанып,
Карагай салкын желде өстүм.
Коркпогула элим биз жактан,
Колумдан намыс бербесмин.

Карагай-Булак, Ак-Таштан,
Карагат терип кырдадым.
Угарсың калкым кам жебе,
Уулуңдун жоону кырганын.

Алыста калган Ала-Toom,
Атыр жыттуу гүлүмсүң.
Айбандан өчүм албасам,
Көмүлбөй сөөгүм чирисин.

Качырып кирдик душманды,
Түлкүнү бүркүт куугандай.
Душмандар качып жоголду,
Шар сууну төмөн буугандай.

Эли үчүн өлсө эр жигит,
Жазылып калат тарыхта.
Душмандын мизин майтарып,
Үч сапар кирдик согушка.

## *Согуштан кат*

Көрө албай көзүм чачырап,
Нарындын борбор калаасын.
Жарадар болуп мен калдым,
Жай кылып майдан талаасын.

Жарадар болуп жаткамын,
Көтөрдүм ысык аптабын.
Жегидей токоч жогунан,
Топурак даамын таткамын.

Жарадар болуп тура албай,
Тырмалап андан чыга албай.
Онтоймун өлүк жанында,
Окоптон өйдө чыга албай.

Кан болгон окшойт ирениm,
Какканын билдим жүрөгүм.
От болуп күйүп тургансыйт,
Оозумдан чыккан илебим.

Ок тийип онтоп жатканда,
Оргуштап каным акканда.
Апаке деген экенмин,
Минанын чымы басканда.

Тирүүмүн бирок көрдөмүн,
Тил кургап ысык чөлдөмүн.
Кайдасың Ала-Тоолорум,
Касиеттүү көлдөрүм.

Таңдайды чайкап жуубадым,
Тамырсыз талдай куурадым.
Кайдасың аска зоолорум,
Шаркырап аккан сууларым.

Каңырсып жаман жыт келип,
Караймын көктү тиштенип.
Өлүмгө бара жаткансыйм,
Өмүрдүн жолу ичкерип.

Көрбөстөн элди, көчөнү,
Көзүмдүн оту өчөбү.
Боз жигит ойноо убагым,
Ботодой боздоп өтөбү.

Башымдан бакты качпасын,
Баарына чыдаар жаш башым.
Өлүктү жыйган араба,
Өзүмдү кантип таштасын.

## Согуш калсын каргышка

Жерим үчүн, элим үчүн бек турганбыз согушта,
Бек турганбыз салгылашып намыска.
Көзүн берип, бутун берип согушта,
Бештин бири кайтып келди конушка.

Финляндия согушунда согуштум,
Биз сактадык ата мекен намысын.
Тилек кылам ажал чачып ок учпай,
Бүт дүйнөдө дайым тынчтык болушун.

Ошондуктан үнү угулбай мылтыктын,
Как ошентип атты огун кырсыктын.
Ар бир үйдө уул үйлөнүп той берип,
Ар бир үйдө ыр ырдалсын тынчтыктын.

## Болбосун дейм согушту

Кылчайып карабастан баскан жолду,
Душманды жеңгенибиз көп жыл болду.
Жоокерлер жеңиш менен кайтып келип,
Кыйраган ой, чуңкурдун орду толду.

Эч убакта чыкпайт менин эсимден,
Денемдеги жылуу чыккан сезимден.
Аздык кылбас буту-колдон ажырап,
Таарып салган жыгач өңдүү кесилген.

Тынчтыкты ким сүйбөсө бизге душман,
Эки согуш өткөрдүм ушул баштан.
Кандуу согуш ал кандай өткөн калкым билет,
Чыгарбайт эстеринен бийик аскам.

Түбөлүккө бийик таалай жылдызым,
Азыр мыкты жашап турган турмушум.
Кан майданда кажыбастан согушкан,
Орус менен чогуу болуп кыргызым.

Өрттөнүп күйгөн талаасында согуштун,
Канкор менен жан аябай согуштум.
Кой өлгөндөй корумдалды токойго,
Онтоду бейм талаасында орустун.

Гитлер үчүн көмүлүштү бир көргө,
Согуш деген пайда кылбайт эч кимге.
Как ушундай талааларда өлүшмөк,
14 миллион немис курман болуп Гитлерге.

Жаркыраган жаштык кетпей бекерге,
Жоону жоолап солдат болдум мекенге.
Мына бүгүн сыймыктанам элиме,
Калкым билсе салымым бар мекенге.

Кубангандан колго алып комузду,
Мен ырдадым кошуп конур добушту.
Ырым менен тилек кылам элиме,
Мындан кийин болбосун деп согушту.

Мен согушта жүргөнүмдө аз уктап,
Элибизге эбегейсиз конуп бак.
Согуштагы уктабаган уйкумду,
Азыр жатам баштан аяк толуктап.

## *Беш жыл жүрдүм батышта*

Эркекти тууган намыска,
Беш жылы жүрдүм батышта.
Кезенип адам тырышса,
Кез келет жыргал турмушка.

Балдар өлдү эне эмчегин эме албай,
Чалдар өлдү бала жүзүн көрө албай.
Далай эне курман болду согушта,
Балапанын кайта келсе өбө албай.

Келин көрсо ач кенедей асылды,
Кызды көрсө карышкырдай качырды.
Жазыксыздын көз жаштарын көлдөтүп,
Мыкаачылардын шилекейи чачылды.

Намысты бербей тырыштык,
Соккуну бердик миң кызык.
Душмандар бизге багынды,
Ичкен, жегенин кайра кулгушуп.

Түз кылдык тоонун өрдөшүн,
Талкалап аппак өргөөсүн.
Ак саргыл сулуу немкалар,
Ыйлаган тартып өңгөчүн.

Душманды жеңдик бир нуска,
Төбөбүз жетип жылдызка.
Кезенип адам тырышса,
Кез келет жыргал турмушка.

Эл үчүн жанды аябай,
Тикемден тике турганмын.
Жеңишти алдык түбөлүк,
Түпкү атам көргүз сыйдамын.

## *Тынчтык менин тирегим*

Тынчтык болсо бактаалайың ачылат,
Булуту жок асмандан күн чачырап.
Согуш болсо чакчелекей чаң будуң,
Жыйган оокат баары калат, чачылат.

Тынчтык болсо каалаганың табылат,
Ыр жазасың учкан куштай сабалап.
Согуш болсо байкуш жаның кыйналат,
Өлүм келет өрт күйгөндөй сабалап.

Тынчтык болсо кабагы ачык жалпы адам,
Ыр угулат аба термеп калкымдан.
Согуш болсо өлүм-өксүп ый чыгат,
Ок жаңылып кокуй деген үн чыгат.

Тынчтык болсо торгой учат көкөлөп,
Гүлдөн гүлдү тандап конот көпөлөк.
Согуш болсо суу ордуна кан агат,
Кара куюн жер асманды каралап.

Ошондуктан тынчтык менин тирегим,
Тынчтык болсун тукуму өсүп элимдин.
Мен көргөндү жаш муундар көрбөсүн,
Согуш десе солк дей түшөт жүрөгүм.

## *Тынчтык, ойлогонум тилегим*

Тынчтык менин ойлогонум, тилегим,
Тынчтык үчүн ырахатта жүрөмүн.
Эч убакта согуш оту күйбөсүн,
Согуш десе солк дей түшөт жүрөгүм.

Тынчтык болсо көңүл ачык чалкыган,
Ыр угулат көңүлү ачык калкыман.
Согуш болсо кайгы, капа угулат,
Сыяктанат жерди бирөө жанчыган.

Тынчтык болсо ырыс кенчи ачылган,
Бүт жыйналып согуштагы чачылган.
Бала-чакаң, баары өсүп чоңоюп,
Алган жарың карыш жылбайт кашыңдан.

## *Тынчтыкты ким сүйбөсө бизге душман*

Тынчтыкты ким сүйбөсө бизге душман,
Нелерди өткөрбөдүм ушул баштан.
Кандуу согуш ал кандай өткөн калкым билет,
Чыгарбайт эстеринен бийик аскам.

Миң төрт жүз он сегиз күн бел чечпедим,
Элим үчүн беш жылы кан кечкемин.
Уккун элим унутпадым ак сүтүңдү,
Бүт жумшадым денемдеги бар күчүмдү.

## *Өлбөй житпей эл көрдүм*

Кыйла жер, дайра көп көрдүм,
Кыйланы баштан өткөрдүм.
Кылыктуу немка кыздардын,
Кылгыртып көзүн өпкөмүн.

## *Келсеңчи согуш бүттү эми*

Мен дагы Ала-Тоомду сагынганмын,
Аз калды чыдагынын кара жаным.
Бекеринен аккан жок, менин каным,
Беттешип баш кесерден өч аламын.

## *Дайым үйдө катылуу согуштагы шинелим*

Мен жетилип жайганымда канатты,
Батыш жактан согуш чыгып кан акты.
Мен коргодум душман менен атышып,
Кан каптаган Сталинград тарапты.

Согуштагы менин кийген шинелим,
Анын сырын жалгыз өзүм билемин.
Сиңип калган кетпес болуп боюма,
Кан майданда максаты эмне билемин.

Мына ошо согуштагы шинелим,
Жеңиш күнү шинелимди кийемин.
Жылуулукту жалгыз андан алганмын,
Шинелимди дайым сактап жүрөмүн.

## *Эл коргоп жүргөн курбум*

Тууган жериң Ак-Кыя,
Турасың менин оюмда.
Жоо жеңип Бопуй келди деп,
Сүйүнчү келээр күн кана.

Сен үчүн согот жүрөгүм,
Сагынбай жүрчү сүйгөнүм.
Орундатар кудайым,
Биз өңдүү жаштын тилегин.

Эл коргоп кетип баратсаң,
Эсимде дайым тамашаң.
Мени ойлоп Бокиш жүдөбө,
Меники сенсиң кара жан.

Ойгонсом да уктасам,
Элесиң менин көзүмдө.
Жыгылып кете таштаймын,
Бос шинел мага көрүнсө.

Ашыктык отко күйөмүн,
Армандуу болуп жүдөдүм.
Өмүрлүк жарым сагындым,
Качан келип сүйөмүн.

## *Кандуу согуш майданында*

Эл журтум үчүн качырып,
Жоолордун мизин сапырып.
Жолдошторум курман болушту,
Жолбундарга кетпей сатылып.

## *Согуш оту күйбөсө экен*

Эх, чиркин байкап турсам билим күчүн,
Ааламды аңтаргыдай астын-үстүн.
Башкарып космостук кораблды,
Баатырлар дүңгүрөттү дүйнө жүзүн.

Асманды жиреп, алар жолдор басты,
Ал жакта өстүрөт дейт каухар ташты.
А балким асмандагы кудайың да,
Асманга адам үчүн жолун ачты.

Адамга бак- таалайды кенен берген,
Бактылуу, тынчтык сүйгөн биздин мекен.
Космосто бейпилчилик өкүм сүрүп,
Өрт алып, согуш оту күйбөсө экен.

## *Мактанбайм баатыр элем деп*

Калайык калкым уккула,
Мактанбайм баатыр элем деп.
Оюма такыр келчү эмес,
Калкыма кайра келем деп.

Кудайдын тийди жардамы,
Кан кечтик күндүз, караңгы.
Көмүлбөй калды денеси,
Миңдеген кыргыз кырааны.

Аларды көрүп турганда,
Мен дагы чыдап турамбы.
Автоматты чайкадым,
Алардан дагы кулады.

Кызматын кылдым элимдин,
Ак жүзүн көрдүм теңимдин.
Кыпкызыл отту көп кечтим,
Кыйналып нечен ок жедим.

Капчыгай суусу шар агат,
Карагайыңды жүрдүм аралап.
Башынан максат бир эле,
Баш коштук болду саламат.

Мен батышка кетээрде,
Ыйладың эле бышактап.
Тосуп алдың кубанып,
Беттен өөп, белден кыса кучактап.

## Ырым менен тилек кылам

*(Улуу Ата-Мекендик согуштун 45 жылдыгына арнайм)*

Бактар бүрдөп тынчтык гулдөр жайнады,
Мына келди 45 жылдык жеңиш майрамы.
Тынчтык күндө азыр жыргап жатсаң да,
Көзгө элестейт кандуу согуш майданы.

Талкаладык Гитлер өңдүү доңузду,
Мен ырдадым созуп коңур добушту.
Ырым менен тилек кылам жалпы элге,
Мындан ары болбосун деп согушту.

# *Куттуктайм Улуу Жеңишти!*

*(Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлерин 50 жылдык жеңиш майрамыңар менен куттуктайм!)*

Силер мерген душмандарды түз аткан,
Мээлегени жаза кетпей үзө аткан.
Далай жоону бет алыша келгенде,
Канын төгүп о дүйнөгө узаткан.
Ак-калпак кыргыз элимдин,
Намысын бекем кармадың.
Былк этпес, түптүү кыргыздын,
Бүт дүйнө билген салмагын.
Таалайлуу кыргыз элимдин,
Тайманбас баатыр жүрөгү.
Элинен уккан алкышы,
Эрлердин соолбос мүрөгү.
Кармашкан жоосун талкалап,
Калайык калкын калкалап.
Батышка барып чыгыштан,
Тартынбай кандуу согуштан.
Себелеп катуу мөндүрдөй,
Серейте атып кырышкан.
Жеңиштүү кайтып келдиңер,
Кан аккан майдан согуштан.
Кут болсуң ардагерлерим,
Сексенге жаңы чыгышкан.
Белиңерди бекем байланып,
Беттешкен жоону сермедиң,

Кан аккан суудай ташкындап,
Кыргында намыс бербедиң.
Эл журтуң үчүн урушта,
Кеткен жок текке эмгегиң.
Кут болсун ардагерлерим,
Жеңиштүү элиңе келгениң.
Анда силер жашсыңар,
Штабын өрттөп буздуңар.
Берлинге барып туу сайып,
Кармашкан жоону жыктыңар.
Жашасын жалпы ардагер,
Элүүгө кайра чыктыңар.
Нечен күчтүү оборон,
Талкаладыңар буздуңар.
Эрдемсип келген душмандар,
Эрдикти силерден көрүштү.
Сталинград шаарында,
Паулюсту кармап алганда.
Жыйырма сегиз миң солдат,
Колго түшүп калганда,
Солкулдап көз жаш төгүштү.
Берлинге качып кете албай,
Волгага миндеп чөгүштү.
Баарыңар аман болгула,
Куттуктайм Улуу Жеңишти.

## Улуу Ата-Мекендик согуштун 50 жылдыгын эскерип

Согуш сааты кимге гана тийбеди,
Солкулдатты Совет элин, дүйнөнү.
Совет эли эмгек менен гүлдөткөн,
Канча шаар өрттөнбөдү күйбөдү.

Ар азамат душман үчүн аттанды,
Эл кайгысы дүңгүрөттү асманды.
Күлкү ордуна ый аралаш айылды,
Эл ичинде эркек киши калбады.

Кайгы каптап айыл капшыгы бөксөрүп,
Тегиз алды теңтуш курбу жаштарды.
Кеткендердин далайлары келбеди,
Ата-энесин жаш жубайын көрбөдү.

Майданында беш жыл болдум согуштун,
Душман менен жан аябай согуштум.
Нечен курбум калбадыбы окко учуп,
Жылга-жыбыт токоюнда орустун.

Жалпы элимди бүт кырууну көздөгөн,
Душман күчүн айтыш кыйын сөз менен.
Канды кечип кирдим нечен жалынга,
Салгылаштым штыковой муш менен.

Өткөндөгү кандуу майдан согушка,
Шейит болуп, кайтпай калды конушка.
Эл, кутуна кут кошулат эле го,
Эгер алар элге келип кошулса.

Так ушулар шейит кеткен билебиз,
Келбесе да үмүт үзбөй жүрөбүз.
Атын атап дуба кылып ар дайым,
Таазим этип башыбызды иебиз.

Согуш сааты кантип кетсин санаадан,
Миллиондогон адам өлдү ачынан.
Бармак тиштеп армандуубуз баш чайкап,
Адамдарды кымбат баалап заманам.

Курман болгон курбуларды эскерип,
Айылдарда курулду чоң эстелик.
Урмат кылып төмөн ийип башымды,
Эстеликке гүл коймун эскерип.

Карагай кайың кыйрап кандар акты,
Кантели канча маркум каза тапты.
Калкыма "жеңиш" менен кайра келдим,
Өзүмдү элестеймин таалай бактуу.

Менин бактым, кубанычтуу ушундай,
Терендиги чоң Нарындын суусундай.
Тунуктугу мелтиреген Ысык-Көл,
Бийиктиги Тянь-Шаньдын тоосундай.

## *Өтүнүч*
### *(Ардактуу ардагерлерге)*

Ардагерлер өтүнөмүн момундай,
Кайгы жокко өткөн согуш жылындай.
Сыйлап жатат партиябыз кам көрүп,
Жүрөлүчү топук кылып жутунбай.

Партия сага алкыш айтам түбөлүк,
Ой жолдоштор топук кылып жүрөлүк.
Уялашың, боорлошуң бир тууганың,
Баккыдайбы ооруп калсаң дары берип.

Насаатчы болсок, жаш өспүрүм балдарга,
Акыл айтсак арак ичкен мастарга.
Касиеттүү карылардан бололу,
Анда бизге таазим кылат жаштар да.



*Турсаалы уулу Дүйшө, Жубайы Калыйкан.*
*Ат-Башы, 1947-жыл.*




*Дүйшө ата, Жубайы Калыйкан жана уулу Ырысбек.*
*Ат-Башы, 1966-жыл.*



*Солдон оңго: уулу Аскарбек, Калыс Жумабаев, Талант Жумабаев. Фрунзе, 1960-жыл.*



*Жогоруда: уулу Аскарбек, ортодо Жубайы Калыйкан жана уулу Ырысбек. Ат-Башы, 1963-жыл.*



*Дүйшө ата, Калыйкан апа, уулу Ырысбек жана жээни Нурлан. Нарын, 1975-жыл.*



баев, Талант Жумабаев.



Калыйкан жана уулу
жсыл.





Дүйшө ата, Калыйкан апа, уулу Ыры
Нарын, 1975-ж



Солдон оңго: уулу Аскарбек, Калыс Жумабаев, Талант Жумабаев. Фрунзе, 1960-жыл.




Жогоруда: уулу Аскарбек, ортодо Жубайы Калыйкан жана уулу Ырысбек. Ат-Башы, 1963-жыл.



Дүйшө ата, Калыйкан апа, уулу Ырысбек жана жээни Нурлан.
Нарын, 1975-жыл.



Нарын ПЭС, 1980-жыл.



Нарын ПЭС, 1982-жыл.




*Жубайы Кылыйкан, улуу Ырысбек, келини Жекшенгүл, небереси Гүлзат менен. Нарын, 1980-жыл.*



*Жубайы Кылыйкан, улуу Ырысбек, келини Жекшенгүл, неберелери Гүлзат жана Саламат. Нарын, 1981-жыл.*



*Нарын шаары, Московский кичи району, 1985-жыл.*



*Нарын шаары, Московский кичи району, 1985-жыл.*



*Дүйшө ата жана небереси Нурзат. 1990-жыл.*




*Дүйшө ата, Калыйкан апа, келин-уулу жана неберелери менен. Нарын, 1983-жыл.*



*Кудасы Алаев Карагул, Кудагыйы Алаева Бүбү жана уулу Токтосун. 1978-жыл.*



Неберелери: Нурзат, Мирзат, Айзат менен. Нарын, 1990-жыл.



Неберелери Саламат жана Мирзат менен. Нарын 1991-жыл.



*Турсалиев Дүйшө, Абакиров Шоңко, Осмонов Чылан, Ботоканов Топчу ж.б. ветерандар. Нарын, 9-май, 1989-жыл.*



*Нарын. 9-май, 1990-жыл.*



Күйөө-баласы Сапарбай, карындашы Сокен жана Небереси Астра.
Орловка шаары, 1986-жыл.



уулу Ырысбек, келини Жекшегүл, неберелери Гүлзат, Нурзат, Айзат жана чөбөрөсү Эмир.



Небереси Саламат, Нурзат, Мирзат, чөбөрөлөрү Эмир жана Айана. 2011-жыл.

## Кыргызым сенин демиң

Кутманым айланайын кыргыз элим,
Тоо ташында тойпондоп өскөн жерим.
Дем кошуп кан майданда кубат бердиң,
Кыргызым кагылайын сенин демиң.

Берекем ак калпак кыргыз элим,
Согушта душмандарга сокку бердиң.
Кашайтып канкордун көзүн оюп,
Жеңиштүү Ала-Тоомо кайтып келдим.

## Бакыт

Бакыт бул-пара эмес берген бирөө,
Бакыт бул-жарыш эмес, жардам сүрөө.
Бакыт бул-бир жумушка көңүл коюп,
Эмгектенип таш жарып жанды үрөө.

Бакыт бул-акча эмес жолдо жаткан,
Бакыт бул-ичик эмес кудаң жапкан.
Бакыт бул-жалпы эмгектен баар табуу,
Жылкычыбы, сугатчыбы кетмен чапкан.

Бакыт бул-конок эмес казан аскан,
Бакыт бул-башкарма эмес буйрук жаскан.
Бакыт бул-таман акың, маңдай териң,
Баш көтөрбөй ак эмгектен өзүң тапкан.

## Карылык

Ак карлуу Ала-Тоомдун,
Аскасын эчен баскамын.
Айланайын кыргыздын,
Аралап кендүү таштарын.

Айланып кайдан келмекчи,
Алтындай байкуш жаш чагым.
Карылык менен кармашам,
Эми мен 80 жаштамын.

Жаш кезимде кулундай,
Ойночу элем кайран мен.
Кызыгына жаштыктын,
Тойбочу элем кайран мен.

Барды жокту мен билбей,
Тойлочу элем кайран мен.
Күнү-түнү чарчабай,
Жойлочу элем кайран мен.

Качан мындай болом деп,
Ойлочу элем кайран мен.
Жаш кезекте улактай,
Туйлачу элем кайран мен.

Кайтып келбейт чакырсам,
Түңүлдүм го кайран мен.
Жаш кезим жалын турбайбы,
Түңүлдүм го кайран мен.

Оюңа келген жумушка,
Ок жыландай тиесиң.
Ашыгыңды көргөндө,
Алгандан артык сүйөсүң.

Азамат болсоң жаш чакта,
Адебиң менен жүрөсүң.
Жаш өмүрүң барында.
Жайлоодогу гүлдөйсүң.

Жыйырма бешке чыкканда,
Бир азыраак токтойсуң.
Эсиң болсо эр жигит,
Элиңдин камын ойлойсуң.

Жакшыдан жакшы тандайсың,
Жаманды көзгө албайсың.
Отуз бешке чыкканда,
Ойго чөмүлүп аз мас токтойсуң.

Туруксуз болсоң сен жигит,
Бала ойногон топтойсуң.
Элдин болсо ырысы,
Эстүү чыксын балдары.

Көңүлдөрү ток болот,
Көп жашаган чалдары.
Башымдан нени өткөрдүм,
Башка элди барып көп көрдүм.

Баары эле бирдей көрүнөт,
Эми ак мурут болуп арыдым,
Жетимиш ашып карыдым.
Согушта жүрүп өткөрдүм,
Солкулдак жаштын жарымын.

## *Койчунун тилеги*

Баккан коюм эгиздеп,
Аман-эсен төлдөсүн.
Коюм эмес бул жылы,
Козумдун бири өлбөсүн.

Ак жүнүң алтын, этиң, май,
Асыл тукум экенсиң.
Ант бергемин элиме,
Актаймын деп сүтүн мекендин.

Четинден таяк колумда,
Жүрөмүн чыкпай жанында.
Ит-куштан кудай сактай көр,
Келбесин ууру малыма.

## *Ак-Сайлык малчыга*

Кезде урат шамал дыр берип,
Койчуга кубат, сыр берип.
Абасы малга жагымдуу,
Адамга кубат бир келип.

Адырдын эпсиз кеңдиги,
Бетеге тармал жердеги.
Талаанын баарын ээлеген,
Калкымдын кенен пейили.

Эл кайда, аскар бел кайда,
Чалкайган Чатыр-Көл кайда.
Адашып келген кулжадай,
Беш күнү жүрдүм Ак-Сайда.

Жолуктук баатыр эл менен,
Жай-кышы Ак-Сай жердеген.
Кайнаган казан ысыгын,
Кыйкырган киши жеңбеген.

Калдач басып баратса,
Кабага жарык ачыкта.
Каарман ошол малчынын,
Карааны бизге сабак да.

## Төө адамдын досу

Артык көрөм төрт түлүк малдан төөнү,
Адамга артык күч берген дөөнү.
Зарыгып айла таппай келатканда,
Өркөчкө кондурдуң го далай жоону.

Согуш жылы эл кыйналып жатканда,
Көк сүт ичип, курсак тойбой талканга.
Бардык күчтү төө мойнуна жүктөдүк,
Алкыш айтып, эки өркөчтүү балбанга.

Кышында ызгаарларда кошо тоңгон,
Кайнаган ысыктарда кумга конгон.
Ошондо билер элең төөнүн баркын,
Алыска жүк жүктөп жолдош болсоң.

Кыйналып аптаптарда күйгөн кайнап,
Бир ууртам суу таппай тамак кургап.
Эч качан кабак кашым деп койбостон,
Камырабай кете берет тикен чайнап.

Барктабай төөнү четке таштабайлы,
Төө үчүн калайык калкым бүтүн кайгы.
Тамагы төө куйрук, сүт тикен Ала-Бата,
Төөдөн чыккан Манастын желмаяны.

## *Эл батасы:*

Жараткан жалга,
Жарды кылба малга.
Аштыгы көп, аштуу кыл,
Адеби артык–баштуу кыл.
Уулдарды эгиздеп бер,
Кыздарды сегиздеп бер,
Телегейин тегиздеп бер.
Кыздарыңар чүрөк болсун,
Сууң мүрөк болсун,
Короонорго кой толсун,
Бергениңер той болсун,
Жек жаатыңар сүйүктүү болсун,
Кошунаң ток болсун,
Коогасы жок болсун.
Жамандык тоорубасын,
Итиңер да оорубасын.
Жаштар баштуу болсун,
Тастар чачтуу болсун.

## Келиндерге

Кайнатаңды хандай көр,
Кайнененди жандай көр.
Айткан акыл, насаатын,
Агарып аткан таңдай көр .
Ичээр ашың тамагың,
Олтурарга төшөгүң,
Кийээриңе кийимиң,
Айттырбастан камдай көр.
Купулуна-куп толуп,
Кыз баласындай боло көр.
Акылыңа мээр тутуп,
Ак батасын ала көр.
Кичи абысынды колдогуң,
Улуу абысынды жолдогуң.
Күндөн ысык ырай бер,
Күзгүдөй тунук чырай бер,
Тал чыбыктай сымбат бер.
Айдай чийилген каш бер,
Арчадай узак жаш бер.

## Жалпы элдин сакчысы чекисттер

Тандалган жакшылардын жакшысы,
Эл ичинде тартиптүүнүн сакчысы.
Чекист сен аткарган бул кызмат,
Чатагы жок жашагандын бактысы.

Сен бар үчүн караңгыда коркпостон,
Эркин басам эч бир жан жок жолдордон.
Жоголушсун колдон жулган шүмшүктөр,
Элди тоноп зөөкүрлөрдү топтошкон.

Силер эмей ким, эл өмүрүн жактаган,
Силер эмей ким, жалпы элин сактаган.
Силер бар үчүн көңүлүм ток үйүмдө,
Сыймыктанам силер барда мактанам.

## *Ак эмгек кылдың калкыңа*
*(Нарын шаарынын ички иштер бөлүмүнүн башчысы Султанкеримов Бектурганга)*

Канатыңды серптиң талпына,
Ак эмгек кылдың калкыңа.
Уурунун таптың уруусун,
Эмгек кылдың жалпыга.

Эмгекчил эле жездекем,
Ак эмгектен качпаган.
Атаңдын алтын сапатын,
Ардактап жүргүң берекем.

## Нарын облусттук ички иштер башкармасынын башчысы, генерал-майор Дубанаев Садырбекке!

Эр ак ниет жигиттердин жакшысы,
Эл ичинде тартиптүүнүн сакчысы.
Генерал сен аткарган бул кызмат,
Дүрбөлөңсүз жашагандын бактысы.

## Жемесинен куткарсаңар апаңардын
*(Нарын обкомунун 1-катчысына)*

Керилип кенен үйгө жаталбадым,
Кебин укчу инвалид атаңардын.
Үй тар деп үч маал кемпир капаланат,
Жемесинен куткарсаңар боло апаңардын.

Нарындын шаары жаңырып,
Беш катар тамдар салынып.
Келди го десем кезегим,
Арылап барат арылап.

Ата энемден кичинемде жетим калдым,
Советтик детдомдон тарбия алдым.
Алты жылы армияда кызмат өтөп,
Ата мекен согушунан жараландым.
Ал ахыбалым акыйкатта өтө начар,
Текшерип там берүүңүздү суранамын.

## "Ден соолук" журналынын башкы редактору Мар Алиевге

Ден соолуктун сакчысы,
Акындардын жакшысы.
Алтымыш жашың кут болсун,
Ал, азаматтын бактысы.

Алтымыш жаш эркек үчүн карыбы,
Пайгамбарым Муханбеттин курагы.
Эми тынбай жаза турган убагың,
Жашарам деп ичe бербе дарыны.

## Нарын ПЭСинде иштеген кадырлуу карыяларга:

### Жакеев Жумалыга

Көңүлүң ойнок жаштайсың,
Күлүктөй аяк таштайсың.
Оюңда далай бар эле,
Ошону качан баштайсың?

### Чогуу жүрүп, бирге иштедик көп жылы

Анда экөөбүз алдуу-күчтүү жаш элек,
Табылганын чабылгандай чогуу ичип.
Стакандаш кыйышпаган дос элек.

Азыр көрсөм ары карап басасың,
Арагыңды чөнтөгүңө катасың.
Азрейил азыр жаның алчудай,
Аскар досум менден неге качасың?

## *Абакиров Чубакка*

Кымбаттуу иним чубагым,
Тер чачып иштер убагың.
Кыз келин жакшы көрчү эле,
Жумушту таштап кетти деп,
Укбасын менин кулагым.

## *Контролёр Кызым Анипага*

Тыкылдатса эшикти,
Үй ээси чыгып ким деген.
Контролёрчу, мен деген,
Текшерип келдим светти.

## *Нарын ПЭСинин жалпы элине*

Ишиңер келсин илгери,
Түгөнбөс электр кендери.
Тилегим жакшы силерге,
Ток пейил ПЭСтин элдери.

Орундаган ойлоп жүргөн тилегим,
Ырахатту эс алууда жүрөмүн.
ПЭСте иштеген баарыңарга баш ийип,
Бакыт таалай узун өмүр тиледим.

Ишиңерден чыкпасын ЧПы бурак,
Столбаңар калбасын зымы үзүлүп кулап.
Кагылайын кайратман кабыландар,
Кымбатчылык каатчылыкта калкыңды бак.

## *Нарын автобазасынын ашпозчусу Сабирага*

Келтек мурун сары кыз,
Кесме ичели деп барабыз.
Кесмеңиздин даамы жок,
Келип өзүң караңыз.

Ак жуумал тарткан узун кыз,
Туурасы чыккан кызыл кыз.
Мантууга салган тузуңуз,
Он жылы турса бузулгуз.

## *Таякем Төрөгелдиге*

Алыстап күндө бала чак,
Агарып сакал баратат.
Уулгайып калган кишиге,
Эл бузган кантип жарашат.

Эгер сен айтсаң туурасын,
Иниңиз кантип туйбасын.
Ич күйдү менен жан багып,
Жат болду тууганга бир башын.

Жаш калды эчки жашындай,
Күнөөсүз сайдын ташындай.
Өлөрдүн арткы жылдарын,
Өткөрчү элиңе асылбай.

## *Токторбаев Эсенге*

Тайбагын жакшы жолуңдан,
Көңүлдөнүп иштесең баары келет колуңдан.
Эмгекти сүйгөн өзүңдөй,
Ордендүүлөр чыгат соңундан.

## *Эмгеги элге арналган*

Тамылжып-балкып нур жүзү,
Түшүндө эмгек жылдызы.
Кайратман тракторист деп,
Кадырлайт жалпы кыргызым.

Эмгеги элге арналган,
Эринип жатып албаган.
Арбын жер айдап жылыга,
Алдына адам салбаган.

Күн айга колду жеткирген,
Күч жок го эмгек деминдей.
Сурөгүн колхоз жаштарын,
Асаке, Алдыга жалгыз теминбей.

## *Анда мен*

Аянбастан элге салып салыкты,
Аткара албай элим жаман карыкты.
Кармайсың деп план берди оңбогур,
Ысык-Көлдө ойноп жүргөн балыкты.

## *Кудай кошкон куда болот*

Кан кудам жүрөсүңбү аман-эсен,
Ымандай чын сырымды айтайын мен.
Апыртып жасап-түсөп жымсалдабай,
Алдыңа ак дилимди тартуу этем.

Ардактуу кудам, кудагый кулак сал,
Түйшүк тартпа сеп берем деп кызыңа.
Ыйманы бар, уяты бар кыз бердиң,
Миң мертебе мен ыраазы ушуга.

Куда болдук тууган элек кыйышпас,
Данакерлеп койду бизди эки жаш.
Менин уулум сыйлап турса силерди,
Сенин кызың бизди сыйсыз калтырбас.

Кудалар, байлык эмес берген алган,
Чындык бар бабалардан бизге калган.
Ден соолук эң биринчи байлык деген,
Ушул сөз кандай кымбат, кандай балбан.

## Шаардык совет кудабыз

Беш бөлмө үйдө турабыз,
Шаардык совет кудабыз.
Батышпай калсак кокустан,
Кыйналбай бир үй алабыз.

Чочуба менден бай аке,
Беш миң сом берем белекке.
Ачылып айтам эч коркпо,
Прокурор мага таяке.

Эс алып үйдө жүргүнүң,
Үйүмдү барып көргүнүң.
Кезели чогуу экөөбүз,
Бүгүнкү күндүн киндигин.

## Келдиңби боорум Төлөмүш
### (Жакып уулу Төлөмүш 50 жылдан кийин элинде)

Элүү жыл көрбөй элинди,
Туулуп өскөн жеринди.
Келдиңби боорум Төлөмүш,
Ак калпак кыргыз элине.

Эс алып жуттуң абанды.
Төлөмүш иним аманбы,
Сагынган Дүйшө Абандан,
Алик ал Токо саламды.

Миң күндөр өттү ай менен,
Кубанып элиң күүлдөгөн.
Төлөмүш элге келет деп,
Ойлосо түшкө кирбеген.

Кымбаттуу иним Төлөмүш,
Кучакташып көрүшүп,
Даамдаш болдуң биз менен.
Көп күткөн Жакып атакең,
Ажалга арга жок экен.

Аксакал атаң Жакыпты,
Узаттык жалган дүйнөдөн.
Кудайга шүгүр деп турам,
Жүз көрүштүк сен менен.

Калайык калкың кең мекен,
Туулган жериң миң мекен.
Кыштактын баары жаңырган,
Байкап көр такыр табылбайт,
Баягы сен чоңойгон жер, кепең.

## Ачуулансаң чоң күнөөгө батасың

Бала деген калыс болот ата менен энеге,
Акылдаштым жөн жай эле энеңе.
Урушканда болушасың тимеле,
Анда энең чыгып алат төбөмө.

Эне өңдүү аял алсаң тыңыраак,
Мен өңдөнүп акылдашпа кобурап.
Ачуулансаң чоң күнөөгө батасың,
Астаа балам "урушуп жүр шыбырап!".

Көп жыл жашап көптү көрдү бул башым,
Көп көргөмүн эрди-катын чырдашын.
Эркелетип эркин жашап өмүр сүр,
Эрди-катын уруш кылык кылбасын.

Уруш жаман, уруш деген курусун,
Жашаш керек ынтымактуу тымызын.
Мен экинчи акылдашпайм энеңе,
Азырети такаса да кылычын.

## *Элимдин эмгек сыймыгы*

Кубултуп кургак жерге дарак тиктик,
Таштакка чөп чыгарып, гүл да септик.
Эмгектүү жетимиш жыл ортосунда,
Элибиз XX кылымда алга кеттик.

Кубанычтуу көрктөнүп кутман жерим,
Кубаныч, тынчтык сүйгөн элдин демин.
Баатыр эл кургак чөлгө шаар куруп,
Кулпунтуп шаар курган сенин демиң.

Ала-Тоо айланайын өскөн жерим,
Элиңе бакыт берген сенин демиң.
Ата журт өзү сезип байкап турат,
Урматтуу кыргызымдын эрдиктерин.

## *Калкымда болсун жакшылык*

Калкымдын пейли ток болсун,
Кайгы капа жок болсун.
Калкыма кара санаган,
Кандуу майдан токтолсун.

## *Ачуулансаң чоң күнөөгө батасың*

Бала деген калыс болот ата менен энеге,
Акылдаштым жөн жай эле энеңе.
Урушканда болушасың тимеле,
Анда энең чыгып алат төбөмө.

Эне өңдүү аял алсаң тыңыраак,
Мен өңдөнүп акылдашпа кобурап.
Ачуулансаң чоң күнөөгө батасың,
Астаа балам "урушуп жүр шыбырап!".

Көп жыл жашап көптү көрдү бул башым,
Көп көргөмүн эрди-катын чырдашын.
Эркелетип эркин жашап өмүр сүр,
Эрди-катын уруш кылык кылбасын.

Уруш жаман, уруш деген курусун,
Жашаш керек ынтымактуу тымызын.
Мен экинчи акылдашпайм энеңе,
Азырети такаса да кылычын.

## *Элимдин эмгек сыймыгы*

Кубултуп кургак жерге дарак тиктик,
Таштакка чөп чыгарып, гүл да септик.
Эмгектүү жетимиш жыл ортосунда,
Элибиз XX кылымда алга кеттик.

Кубанычтуу көрктөнүп кутман жерим,
Кубаныч, тынчтык сүйгөн элдин демин.
Баатыр эл кургак чөлгө шаар куруп,
Кулпунтуп шаар курган сенин демиң.

Ала-Тоо айланайын өскөн жерим,
Элиңе бакыт берген сенин демиң.
Ата журт өзү сезип байкап турат,
Урматтуу кыргызымдын эрдиктерин.

## *Калкымда болсун жакшылык*

Калкымдын пейли ток болсун,
Кайгы капа жок болсун.
Калкыма кара санаган,
Кандуу майдан токтолсун.

Биринчи, жыргалга эл журт балкысын,
Экинчи, жоболоң кырсык жок болсун.
Үчүнчү карылар айтсын алкышын,
Төртүнчү май кайнап казан калпысын.

Эргисин, эмгек улансын,
Эл журтум ага кубансын.
Элибиз өсүп, өнүгүп,
Өмүргө өмүр улансын.

Кут качпай пейли оңолсун,
Жаш балдар өсүп чоңойсун.
Элиме болгон жек көрдү,
Аракечтер жоголсун.

## *Эх чиркин жайдын күндөрү*

Эргитип комуз күүлөрү,
Шаңкылдап жаштын күлгөнү.
Жаштыка кошкон ырахат,
Жагымдуу жайдын күндөрү.

Гүл ачып гүлдөр жайкалып,
Гүл жыттуу тоолор чалкайып.
Арыктап барган тай кунан,
Семирип калган данкайып.

Булут жок асман тарапта,
Ай тоодон батып баратса.
Ыкташа түшүп кыз жигит,
Сүйлөшүп кумар таратса.

Бирине бири ыкташып,
Кучакташып сырдашып.
Жаштыктын сүйкүм күлкүсү,
Ойлонтот жүрөк сыздатып.

Жыпар жыт чачып гүлдөрү,
Жанында болсо сүйгөнү.
Сырдашып көпкө олтурса,
Кызык го жайдын түндөрү.

### *Сүйүүмдүн бузба уставын*

Эч чыкпай ойдон, санаадан,
Сагынтты мени садагам.
Жүрөгү таза үчүн го,
Ашыгын эстеп ар адам.

Ачкычын берчи колума,
Сүйүүнүн жолун ачайын.
Эгерде сен сүйбөсөң,
Күн менен кошо батайын.

Жашоону чогуу кеңешип,
Сен менен бирге чечейин.
Ачыгын айтчы ак көңүл,
Көзүңдөн секет кетейин.

Карачы бойдун качканын,
Көрдүңбү өңдүн азганын.
Жанымды сага чабайын,
Сүйүүнүн бузба уставын.

## Сага айтам чынымды

Укчу жаным сага айтам чынымды,
Кантип сенден жашырайын сырымды.
Башкалардын алдоосуна көнбөйүн,
Жүрөгүмдө бир кишилик орун бар,
Аны сенден башкаларга бербейин.

## Поляк кызына

Канчалык алыс жерде болсоң да сен,
Жаныңда жүргөн өңдүү даана сезим.
Андагы госпиталда сырдашкан түн,
Эч качан карысамда кетпейт эстен.

Тилектеш, жүрөктөшпүз унутпасак,
Ар улут өз жеринде аман турсак.
Поляк кыз кыргыз жигити жаным деген,
“Жан биргем, мен сеники, алгын” деген.

Азыр сен алыстасың мен көрбөгөн,
Сени мен дале болсом эстеп жүрөм.
Эркем ай, эркелээрге татыктуусуң,
Мен менен бир көтөрдүң жеңиш туусун.

## *Украинка Валя*

Азыр мен 75 тен ашкан кезим,
Эт качып, бетте бырыш, чач агарып.
Кишини тааныбаймын кечке тиктеп,
Бирок да эстен кетпейт кара көзүң.

## *Сүрөлү өмүр узакка*

Жашоомдун сенсиң кызыгы,
Гүлүмдүн сенсиң кызылы.
Эч качан бойдон тарабайт,
Сүйүмдүн сенсиз ысыгы.

Сен болдуң менин талаайым,
Сен менин жашоо панаайым.
Саламат болуп көп жаша,
Садагаң кетип калайын.

Дем берсин сага кудайым,
Бактылуу болгуң ылайым.
Барганда сексен, токсонго,
Балдардын көргүн убайын.

Жашоону чогуу кеңешип,
Сен менен бирге чечейин.
Ачыгын айтчы ак көңүл,
Көзүңдөн секет кетейин.

Карачы бойдун качканын,
Көрдүңбү өңдүн азганын.
Жанымды сага чабайын,
Сүйүүнүн бузба уставын.

## Сага айтам чынымды

Укчу жаным сага айтам чынымды,
Кантип сенден жашырайын сырымды.
Башкалардын алдоосуна көнбөйүн,
Жүрөгүмдө бир кишилик орун бар,
Аны сенден башкаларга бербейин.

## Поляк кызына

Канчалык алыс жерде болсоң да сен,
Жаныңда жүргөн өңдүү даана сезим.
Андагы госпиталда сырдашкан түн,
Эч качан карысамда кетпейт эстен.

Тилектеш, жүрөктөшпүз унутпасак,
Ар улут өз жеринде аман турсак.
Поляк кыз кыргыз жигити жаным деген,
"Жан биргем, мен сеники, алгын" деген.

Азыр сен алыстасың мен көрбөгөн,
Сени мен дале болсом эстеп жүрөм.
Эркем ай, эркелээрге татыктуусуң,
Мен менен бир көтөрдүң жеңиш туусун.

## ***Украинка Валя***

Азыр мен 75 тен ашкан кезим,
Эт качып, бетте бырыш, чач агарып.
Кишини тааныбаймын кечке тиктеп,
Бирок да эстен кетпейт кара көзүң.

## ***Сүрөлү өмүр узакка***

Жашоомдун сенсиң кызыгы,
Гүлүмдүн сенсиң кызылы.
Эч качан бойдон тарабайт,
Сүйүмдүн сенсиз ысыгы.

Сен болдуң менин талаайым,
Сен менин жашоо панаайым.
Саламат болуп көп жаша,
Садагаң кетип калайын.

Дем берсин сага кудайым,
Бактылуу болгуң ылайым.
Барганда сексен, токсонго,
Балдардын көргүн убайын.

## Жолу татаал, сыры терең сүйүүнүн

Ташкындап дарыядай кыял чиркин,
Отуруп ойго кеттим түркүн-түркүн.
Кай бир жаш сүйүү жолун кор кылганда,
Баш чайкап как ошого келет күлкүм.

Жарашса бир бирине эки жолдош,
Жароокер жарын сүйбөс пенде болбос.
Сүйүүнү ар убакта барктай билсе,
Анын да өмүрүндө гүлү соолбос.

Ойлонуп ой жибердим акыл менен,
Сүйүүнүн жолу татаал, сыры терең.
Калганын түшүнүктүү жаштар чечсин,
Мен болсо жогоркудай ойго келем.

## Өлкөм менен жылдашмын

Жер көгөрүп, эл бөлүнүп урматка,
Эми турмуш мурункудан бир башка.
Улуу Ленин чаап кеткен жол менен,
Берип таалай түбөлүккө жыргашка.

Зор бурулуш 70 жыл ичинде,
Тунук сезим ар жөнөкөй кишиде.
Кубаныч, чоң өлкөм өсүп баратат,
Тийишпейбиз тийишпеген кишиге.

Мен да, өлкөм да 70 жашка карадык,
Артта калды караңгылык балалык.
Билими мол турмуш менен өмүрдүн,
Тынчтык болуп, өчпөс шамы жагылып.

Эмгекчил элге эрк ачыптыр жашынан,
Нечен кыйын иш өткөрүп башынан.
Бул турмушту куруп кеткен биз үчүн.
Улуу Ленин айланайын акылман.

## *Коммунисттик партия*

Тынчтык заман, ыр жазамын шаттанам,
Толкуйт жүрөк, кубанычтар батпаган.
Бак-таалайды баарыбызга тең берген,
Партиям бар, дүйнө элине мактанам.

Партия сен таалайымдын мүрөгү,
Партия сен соккон элдин жүрөгү.
Асмандагы ай, күн чолпон жылдыздай,
Жарык кылган түбөлүккө дүйнөнү.

Билим менен ачып берген жалпыга,
Таалайга ороп, кубат берген калкыма.
Эгер бирөө ал ким деп сураса,
Билгиземин Коммунисттик партия.

## Комсомолдор

Заман менен бирдей алга бараткан,
Элибиз бар заманына жарашкан.
Коммунизм төрүнө тез жетүүгө,
Комсомолдор талбай учкул канатчан.

Минут сайын жаңыларды жасаган,
Чын адилет коммунистче жашаган.
Эмгек менен дың жерлерди эңшерип,
Комсомолдор ал советтик жаш адам.

Өткүр мизин кайрат менен ширеген,
Мекенине коммунистче иштеген.
Дайларды жаратууда талыкпай,
Комсомолдор балбан күчтүү билекчен.

Ардакталып адилеттүү эмгектен,
Партиядан тарбия алып эр жеткен.
Ал комсомол партиянын иниси,
Атак даңкы ай жылдызга теңдешкен.

## Сталин

Сталин дайым чындыкты сүйлөгөн,
Бой көтөрүп жасаганды билбеген.
Бир кийгени, бир шинели, шапкеси,
Каалабаган калк мүлкүнө тийбеген.

## Улуу Ленин жүрөгүмдө

Ар дайым жүрөгүмдө акыл кебин,
Акылман жазганына кеңешемин.
Партия баштап барат улам алга,
Жаркырайт басар жолуң келечегиң.

Көз жеткис дарыядай сыры терең,
Элимдин өсүшүнө жетпейт ченем.
Коммунизм төрүнө бара жатат,
Партияң өзүн айткан тили менен.

Ар дайым сени менен болуп бирге,
Партия алга баштайт күндөн күнгө.
Эл үчүн кылган ишиң унутулбайт,
Ленин ар адамдын жүрөгүндө.

## Рейганга

Ажыратпа энесинен баласын,
Алар күндүн ак шооласында жашасын.
Согуш оту алоолонуп дүрт этсе,
Өзүң дагы күлгө айланып каласың.
Тынчтык болсун самаганым, тилегим,
Бейкут күндө көңүл ачык жүрөмүн.
Согуш каарын эч бир адам көрбөсүн,
Согуш десе солк дей түшөт жүрөгүм.

## Газетама

Көрө коюп газетадан атыңды,
Кары денем жашаргансып жазылды.
Партияга миң мертебе ырахмат,
Мына эми атың жаңы, эл жаңы.
"Ала-Тоо таңы"- айланып атыңдан,
Куттукташат кары жашы, эл баары.

## Уккун элим

Укун элим, унутулбайт ак сүтүң,
Бүт жумшаймын жүрөктөгү бар күчүм.
Аянбаймын кашык каным калгыча,
Кайра куруу жаңы заман сен үчүн.

Жалпы элим силер менен шаттанам,
Таалайын чоң ташкынданып батпаган.
Укук берди урмат менен тилиме,
Партия бар бактылуубуз мактанам.

Билемин партиянын калыстыгын,
Жаңыртты эскилердин түп тамырын.
Кайра куруп камкорубуз компартия,
Эч өлбөс, түбөлүккө койдуң шамын.

Орундатып жалпы элдин тилегин,
Бүт кубантты кыргызымдын жүрөгүн.
Партия тынчтык, жыргал тургузат деп,
Башынан ушуну айткан улуу Ленин.

## *Партияны бөрктайлы*

Азыр турмуш кайра куруп жатпайбы,
Партиянын ак эмгегин барктайлы.
Нечен татаал жолдон өткөн партия,
Кагылайын партияны барктайлы.

Сүйөбүз сени партия,
Сөз менен эмес, иш менен.
Алга карай умтулуп,
Жол баштаган партия.

Жыргалдуу турмуш элине,
Берип келди партия.
Эркек, аял баарысын,
Баатыр кылды партия.

Өркүндөтүп мекенди,
Гүлдөттүң эле партия.
Тал-теректин шактарын,
Бүрдөттүң эле партия.

## Газетама

Көрө коюп газетадан атыңды,
Кары денем жашаргансып жазылды.
Партияга миң мертебе ырахмат,
Мына эми атың жаңы, эл жаңы.
"Ала-Тоо таңы"- айланып атыңдан,
Куттукташат кары жашы, эл баары.

## Уккун элим

Укун элим, унутулбайт ак сүтүң,
Бүт жумшаймын жүрөктөгү бар күчүм.
Аянбаймын кашык каным калгыча,
Кайра куруу жаңы заман сен үчүн.

Жалпы элим силер менен шаттанам,
Таалайын чоң ташкынданып батпаган.
Укук берди урмат менен тилиме,
Партия бар бактылуубуз мактанам.

Билемин партиянын калыстыгын,
Жаңыртты эскилердин түп тамырын.
Кайра куруп камкорубуз компартия,
Эч өлбөс, түбөлүккө койдуң шамын.

Орундатып жалпы элдин тилегин,
Бүт кубантты кыргызымдын жүрөгүн.
Партия тынчтык, жыргал тургузат деп,
Башынан ушуну айткан улуу Ленин.

## Партияны бөрктайлы

Азыр турмуш кайра куруп жатпайбы,
Партиянын ак эмгегин барктайлы.
Нечен татаал жолдон өткөн партия,
Кагылайын партияны барктайлы.

Сүйөбүз сени партия,
Сөз менен эмес, иш менен.
Алга карай умтулуп,
Жол баштаган партия.

Жыргалдуу турмуш элине,
Берип келди партия.
Эркек, аял баарысын,
Баатыр кылды партия.

Өркүндөтүп мекенди,
Гүлдөттүң эле партия.
Тал-теректин шактарын,
Бүрдөттүң эле партия.

Кан майданда согушта,
Жеңип жүрдүң партия.
Каалаганын элине,
Берип жүрдүң партия.

Жыргалдуу жашоо элине,
Бердиң эле партия.
Көпчүлүк элдин багына,
Келдиң эле партия.

## Акыр заман

Азыркы заман бул заман,
Капырай кандай таң калам.
Карайлап калды калайык,
Каатчылык каптаган.

Ай жокчулук бул заман,
Оңолор бекен кайрадан.
Үйүмдө арак жогунан,
Таарынып кетти бир бажам.

Арманга толду көкүрөк,
Аны ким кантип өчүрөт.
Кымбаттап нан, сүт акча жок,
Карылар калды мөгдүрөп.

Көп жашаган кары айтат,
Көрбөдүк мындай кыйынды.
Арбытар бекен президент,
Нан, сүткө берген тыйынды.

## *Бул заман*

Биздин заман бул заман,
Каатчылык каптаган.
Ат тезегин кургатпай,
Келип кетчү кайнагам.
Кабагы ачык жайдары,
Жайлап кетчү "баягыдан"

Ойлосо түшкө кирбеген,
Кымбатчылык бул заман.
Кайнаган таттуу чайым жок,
Каттабай калды кайнатам.

Капырай кантет бул заман,
Калкыбыз болсун эл аман.
Кандай заман, бул заман,
Кымбатчылык каптаган.

Кан майданда согушта,
Жеңип жүрдүң партия.
Каалаганын элине,
Берип жүрдүң партия.

Жыргалдуу жашоо элине,
Бердиң эле партия.
Көпчүлүк элдин багына,
Келдиң эле партия.

## *Акыр заман*

Азыркы заман бул заман,
Капырай кандай таң калам.
Карайлап калды калайык,
Каатчылык каптаган.

Ай жокчулук бул заман,
Оңолор бекен кайрадан.
Үйүмдө арак жогунан,
Таарынып кетти бир бажам.

Арманга толду көкүрөк,
Аны ким кантип өчүрөт.
Кымбаттап нан, сүт акча жок,
Карылар калды мөгдүрөп.

Көп жашаган кары айтат,
Көрбөдүк мындай кыйынды.
Арбытар бекен президент,
Нан, сүткө берген тыйынды.

## Бул заман

Биздин заман бул заман,
Каатчылык каптаган.
Ат тезегин кургатпай,
Келип кетчү кайнагам.
Кабагы ачык жайдары,
Жайлап кетчү “баягыдан”

Ойлосо түшкө кирбеген,
Кымбатчылык бул заман.
Кайнаган таттуу чайым жок,
Каттабай калды кайнатам.

Капырай кантет бул заман,
Калкыбыз болсун эл аман.
Кандай заман, бул заман,
Кымбатчылык каптаган.

Аялдарча эң мурун,
Камдап албай башында.
Башка кийчүү тумак жок,
Кандай кылабыз кышында.

Батинка байпак баары жок,
Ич кийим жылуу дагы жок.
Кышкысын чыкпай эшикке,
Жатабызбы үйдө шор кайнап.

## *Калкыма кат*

Калайык кагылайын жашооң кандай,
Ыр менен кайрыламын санаам тынбай.
Арт жагы кантээр экен түшүнүксүз,
Аман жашаар бекенбиз ачка калбай.

Туш болдук, кымбатчылык күндөрүнө,
Куурулуп баратабыз күндөн күнгө.
Калкыма кабатчылык болбосо деп,
Күн сайын дуба кылам Теңириме.

Наристе ыйлап турса кумшекер деп,
Капырай кымбатчылык күндөн күчөйт.
Кантебиз айла кетип куурулдук го,
Күнүмдүк жашоону ойлоп жүрөк түшөт.

Айла жок турмушка байланамын,
Жокчулукка баш ийип зарыгамын.
Элимде эсенчилик болсо экен,
Кудайга беш убак жалынамын.

## Качан эми оңолот биздин заман

Кана калкым байлыгың?
Каптады элди кайгы, муун.
Бир өтүккө жарабайт,
Эки айда алган айлыгың.
Кайда кыргыз байлыгың?
Чет элди карап жалдырап,
Каптады ээ калкым кайгы, муң.

## Кыйналып жашап турабыз

Мансаптууга баары бар,
Издетпей баары табылар.
Кыйналып жашап турган чак,
Көп балалуу карылар.

Баягы кенен чай кайда,
Эл албай турчу май кайда.
Катылып жатат окшойсуң,
Мансаптуу уйдө бир жайда.

Аялдарча эң мурун,
Камдап албай башында.
Башка кийчүү тумак жок,
Кандай кылабыз кышында.

Батинка байпак баары жок,
Ич кийим жылуу дагы жок.
Кышкысын чыкпай эшикке,
Жатабызбы үйдө шор кайнап.

## *Калкыма кат*

Калайык кагылайын жашооң кандай,
Ыр менен кайрыламын санаам тынбай.
Арт жагы кантээр экен түшүнүксүз,
Аман жашаар бекенбиз ачка калбай.

Туш болдук, кымбатчылык күндөрүнө,
Куурулуп баратабыз күндөн күнгө.
Калкыма кабатчылык болбосо деп,
Күн сайын дуба кылам Теңириме.

Наристе ыйлап турса кумшекер деп,
Капырай кымбатчылык күндөн күчөйт.
Кантебиз айла кетип куурулдук го,
Күнүмдүк жашоону ойлоп жүрөк түшөт.

Айла жок турмушка байланамын,
Жокчулукка баш ийип зарыгамын.
Элимде эсенчилик болсо экен,
Кудайга беш убак жалынамын.

## *Качан эми оңолот биздин заман*

Кана калкым байлыгың?
Каптады элди кайгы, мууң.
Бир өтүккө жарабайт,
Эки айда алган айлыгың.
Кайда кыргыз байлыгың?
Чет элди карап жалдырап,
Каптады ээ калкым кайгы, муң.

## *Кыйналып жашап турабыз*

Мансаптууга баары бар,
Издетпей баары табылар.
Кыйналып жашап турган чак,
Көп балалуу карылар.

Баягы кенен чай кайда,
Эл албай турчу май кайда.
Катылып жатат окшойсуң,
Мансаптуу уйдө бир жайда.

Кир жуучу самын сен кайда,
Алиги айна ал кайда.
Балдардын кири жуулбай,
Баардык эл түштү убайга.

Мүшөктөп алган ун кайда,
Буруксуп жыты жыттанган.
Высший сорт деген чай кайда,
Ящиктеп жатат бир жайда.

Жакшы эле жашоо күнүбүз,
Кыйналып жашап жүрөбүз.
Дүкөндөн алып кымбат нан,
Күн көрүп жүргөн кишибиз.

Туулдук эле бар менен,
Ууртган агып май жеген.
Азыркы жаңы төрөлгөн,
Оозантык жалаң жок менен.

Оңолоор бекен ишибиз,
Чоңдорго өтпөйт сөзүбүз.
Чор болгон буттар согушта,
Чокойчон жүргөн кезибиз.

Илгери келбей ишибиз,
Байпакка келбей күчүбүз.
Издесек такыр табылбайт,
Чылгоочон жүргөн кишибиз.

## *Оңолуп кетээр бекен биздин турмуш*

Мекеним кагылайын боорум кыргыз,
Оңолуп кетээр бекен биздин турмуш.
Жаштарым көңүл ачык өсөр бекен,
Калайык калкым баары тилеп турбуз.

Орногон баарыбызга Ильич шамы,
Күлүңдөп нурун төккөн ал бир нур кыз.
Калаайык кагылайын кең жолуңдан,
Ар дайым чогуу болсун биздин ырыс.

## *Кабагы бүркөө элимдин*

Арманга толду көкүрөк,
Аны ким билип өчүрөт.
Кымбаттап нан, сүт акча жок,
Карылар калды мөгдүрөп.

Бактысы элдин тушалып,
Баа кетти эпсиз узарып.

Байпак жок кымбат баарысы,
Согончок жүрөт кызарып.
Кабагы бүркөө элимдин,
Кайгыдын көзү мунарып.

## Бир саптар

Кымбаттап эл башына мүшкүл түшүп,
Күн сайын баа өйдөлөп жүрөк үшүп.
Кайкалап элдин бели турса дагы,
Жакшылыктан калбайт адам үмүт үзүп.

## Кагылайын кыргызым

Пейлиң кенен берекелүү кыргызым,
Манас атаң арбагы да колдосун.
Казан-аштуу кагылайын мейман дос,
Мынча неге куурулгансыйт турмушуң.

Тоо-ташыңдан айланайын кыргызым,
Тобо кылгын кайта оңолот турмушуң.
Бел байлаган берешеним боорукер,
Айраның бар, жууратың бар, кымызың.

Мурункудай бирдиктүү бол кыргызым,
Маңдайымда балбылдаган жылдызым.
Дасторконуң калыбынан түшпөсүн,
Узун жашап, жаш өспүрүм уул, кызың.

## Нанды кор кармабайлы

Калайык кагылайын кулак салсаң,
Катырып таштабайлык жеген нандан.
Кай бир наадан көгөртүп нанды ыргытат,
Баш чайкап как ошого кылам арман.

Кадырын унутпайлы улуу нандын,
Көргөмүн телмиргенин канча жандын.
Ачкалык баштан өткөн далай-далай,
Артыкча кубаты бар үзүм нандын.

Кан күйүп жаткан кезде тээ батышта,
Кай бирде, жума бою калдык ачка.
Ок атып душмандарга бел алдырбай,
Оюма кирүүчү эмес нандан башка.

Көп дебейм дасторконум турсун толуп,
Үйүмө токчулуктун куту конуп.
Чачылып калса нандын күкүмдөрү,
Чокулап тергим келет чымчык болуп.

## *Жашаш керек эмгек менен жанаша*

Иштеш керек жалкоолонбой таңата,
Эмгек байлык кимдер тереӊ санаса.
Иштен билип ар эмгектин түйүнүн,
Жыргаш керек эмгек менен жанаша.

Эмгек сырын тереӊ ойлоп бааласа,
Эмгек эмес жеӊил желпи тамаша.
Эмгектенип жоктон барды жаратып,
Өмүр сүргүн, жашаганга жараша.

Өтсүн өмүр эмгек менен жанаша,
Эмгек байлык улам алга караса.
Жакшы жашап, кадыр баркка жеткирүү,
Эмгек жолу жалгыз гана тараза.

## *Үйүңдө жатпа чалкалап*

Аракет менен берекет,
Айкалышып теӊ келет.
Үйүңдө жатсаӊ иштебей,
Кандайча болот келечек.

Эмгектен качсаӊ дөӊгөккө,
Суранып жүрүп күн өтпө.
Эмгектенип жан баккын,
Сенден качпас береке.

Каныгып бекер тамакка,
Жатканың кандай өнөкөт.
Ошентип бакпай жанынды,
Нарын сууга түшүп кет.

## Карынын кебин капка сал

Биринчи менин айтарым,
Билимден башыңды тартпагың.
Эсиңерден чыгарба,
Карыянын айтканын.

Тартынба жаштар эмгектен,
Темирдей кайрат барында.
Салмагы болсун ишиңдин,
Сапаты менен санында.

Жаштыктын курчун жашытпай,
Өркүндө жаштык барында.
Жыргалдуу болсун келечек ,
Баскыла жаштар алдыга.

Жаштыктын көрүп үзүрүн,
Жыргап өт эмгек шаңында.
Карылык сөзүм жакпаса ,
Капа болуп таарынба.

Абайлап жаштар иш кылгын,
Чалдыгып алба жаманга.
Ал өнөрдүн булагын,
Өзүнө келген багында.

Арада жүргөн жалкоолор,
Пейлинен акыр табат да.
Өздөрүн кармай жүрбөсө,
Кудукка өзун салат да.

Жалкоонун жаман бир жери,
Ырысын четке кагат да.
Калкына жаман көрүнүп,
Кадырсыз болуп калат да.

Сыйлагын али бир кезде,
Өмүрлүк сүйгөн жарыңды.
Көңүлүн алып ар дайым,
Сыйлай жүр балам карыңды.

Умтулуп алга күн сайын .
Узарсын арыш кадамың,
Улууга анык сый болот,
Унутпай салам айтканың.

Эңсеген чындык талабың,
Эмгектенсең бар болот.
Сыр билги жакын адамың,
Сыйлашпай койсоң жат болот.

Ак таңдай акын кишиден,
Алтындай сонун ыр чыгат.
Аракты ичсе аябай,
Ал үйдөн анык чыр чыгат.

Оолукса орой кишинин,
Оюнда жаман чыр чыгат.
Берилип жакшы иштесең,
Береке берип иш чыгат.

Бузулса аба ырайы,
Булуттун өңү сүр чыгат.
Жадырап жайнап жол келсе,
Жайкалып жер да кулпунат.

## *Алиги кыздар кулак сал*

Жалпы эле кыздын баарысың,
Жаман экен дебейин.
Карыганда калп айтып,
Мен да кара башымды жебейин.

Акылдуу кызда уят бар,
Апыртып айтсам уяткар.
Ар дайым паркта жүрүшкөн,
Али кыздар кулак сал.

Кыздарды көрүп тетиги,
Уялып жабам бетимди.
Бул сүйүү эмес кыздар түшүнсө,
Сүйүүнүн баркын кетирген.

Угулуп түркүн кабарың,
Ойлонуп ар кыл намысты.
Кылыгыңды угуп ата-энең,
Кызыбыз дебей калышты.

Селт этип чочуйт угулса,
Сен келет деген дабышты.
Ак сүтүбүз урсун деп,
Армандуу болуп карышты.

Билесиң жолун укмуштай,
Эркекке кандай жагышты.
Билгенден көрө билсеңчи,
Көйнөктү тигип алышты.

## *Теңтушум*

Теңтушум айланайын жүрөктөшүм,
Теңтушум мен каалаган тилектешим.
Сен менен максаттарым өсүп жатат,
Сен менен өөрчүп турат ирееt сезим.

Өзүңдү өркүндөтөр катар сезим,
Өрнөктү агалардан сергек чечип.
Айылдын жакшы уулу болсок деген,
Тилекти чындап турат биздин кесип.

## *Акмагым*

Эл сүйбөйт сендей коодокту,
Мактагым келбейт акмагым,
Кошомат менен күнүмдүк,
Колуңда турат мансабың.

Калп жерден ушак жаратып,
Убалына калдың канчанын,
Чоюлган менен канчалык,
Чолпонго жетпейт колдоруң.

## Аракеч да кишиби?

Дайым сынык аракечтин эшиги,
Акылы жок аракеч да кишиби?
Аңдыганы арак болот ар дайым,
Артка тартып алга жылган ишинди.

Арак ойлуу бузулгандар кишиби?
Ал арактын кол куушурган күчүгү.
Атакелеп ыйлап турат жанында,
Энеси жок алты жашар жетими.

Аябаса арак ичкен кишини,
Элге душман, эмгекке жат тетиги.
Тийбесе экен турмушуна калкымдын,
Арак ичкен адамдардын кесири.

## Үсөн басыгыңды түзөгүн

Кезегинде керилген бир кишиче бар элең,
Көкөлөгөн көлөкөлүү тал элең.
Кыз кыялдуу кымча белдүү сулууга,
Кыйбай турган кымбат баалуу жар элең.

Ажырапсың кадыр барктын баарынан,
Жалгыз чыгып калыптырсың тамыңдан.
Акылың да, билимиң да жетээрлик,
Айтчы сени кайсыл шайтан даарыган.

Мен билемин көрүп турам алыңды,
Өзүң куудуң башыңа конгон багыңды.
Аял деген үйдүн куту береке,
Кесир кылып талкаладың шаарыңды.

Келмек көп иш азыр деле колуңдан,
Кеттиң ичип зоом каранын соңунан.
Аянычтуу азыр сенин элесиң,
Добул каккан тоо гүлүндөй соолуган.

Кайран ата кайран гана ишеним,
Алың келсе ыргыт буттан кишенин.
Тайраландап там кучактап жүргүчө,
Такыр ичпей басыгыңды түзөгүн.

## *Кайгылуу карыата-эне*

Эки уулуң эки жактагы,
Эмне үчүн силерди таштады?
Айлына конуп иштебей,
Шаардан көчө таптады.

Кайгыңды уксам жүйөлүү,
Балдарың аны билбеди.
Адепсиз эрке үйрөттүң,
Ал үчүн өзүң күнөөлү.

Алыска кеткен атагың,
Алты аял алды Жакыбың.
Алганын кайта кетирип,
Кичүүсү жүрөт Жапарың.

Ичкенин качан коёт деп,
Карекке жашын төгөт көп.
Кайгырам көзүң жумулса,
Кемпириң кандай болот деп.

Аракеч болду Жапарың,
Көп тарттың анын азабын.
Кыйноого салды түгөнгүр,
Талкалап нечен казанын.

Ичкилик ичип балдарың,
Ичиңе батпай арманың.
Күйүткө салды карачы,
Күмүрөн болсун балдарың.

## *Батма эненин арманы*

Өмүрказы, Шергазы,
Эки бирдей чырагым.
Жол карап жүрүп түңүлбөй,
Азабын тартып куурадым.

Көрбөсөм бирин алардын,
Көзүмдүн жашы кургайбы.
Экөөнөн бирдей айрылдым,
Өлүм мага болду ыңгайлуу.

Биринен калса бир туяк,
Ал дагы жыргал турбайбы.
Карманып караан калгыдай,
Калсаңчы бириң кыз болуп.

Элимен экөөң кеткенде,
Көз жашымды көлдөттүм.
Кара көзүм кашайгыр,
Капаны анда көрбөпмүн.

Жаман тамда да олтурам,
Жан киши кирбей үйүмө.
Кайгыңарды тартып жатамын,
Балдарым бирин көрсөмчү.

Апаңар минтип калганын,
Элимде мендей жок экен,
Экөөнөн бирдей айрылган.

Көз жумсам экен батыраак,
Эки уулум сенин кайгыңдан.
Көзүм көрбөй сокур болдум көрбөгөн,
Шумшук болдум ажал жетип өлбөгөн.

## *Мен бир чал чала сабат*

Мен бир чал, билимим жок чала сабат,
Эргиймин ыр жазууга кылып талап.
Жазганым жалпы элиме жагып калса,
Жакшы кеп, жакшы эмеспи атаканат.
Жакшы деп жакшы сөзгө жетүү кыйын.
Бай болуп, жакшы болуш мага бир тыйын.

## *Жаңы Жылыңар менен!*

Кел жаңы жыл, биз күтөбүз келе көр,
Калкыңдагы каатчылыкты жеңе көр.
Кубанычтуу тособуз жаңы жылын,
Көп көрүнөт көтөргөн жаңылыгың.

Кыргызда дайым күлкү, мартчылык,
Кыргызымды баскан эмес жокчулук.
Кымбат болуп базар баасы турса да,
Кең дасторкон, дайым бизде токчулук.

Кана эмесе төргө чык кеңешели,
Калкымдан аябачы берекеңди.
Байлык толсун элимдин бардык жери,
Бакыт болсун жаштардын келечеги.

Куттуктаймын жаңы жылым сапарыңды,
Кадырлап калкың билет атагыңды.
Чоң чыны топ толтура бозо турат,
Кана эмесе кармагыла бокалыңды.

## *Кеткен келди, кемтик толду*

Мейли кетти, кайта келээр дечүмүн,
Жолго чыгып, жол тосчумун кечкурун.
Мына эми атың жаңы, эл жаңы,
Куттуктайбыз кары, жашы эл бары.

Куттуктаймын Теңир тоомду ыр менен,
Кубанычым чогуу болсун эл менен.
Област кайта келет деп,
Оо калайык ойлосок түшкө кирбеген.

Мен бүгүн тоо чаптардын түбүндөмүн,
Мен бүгүн кубанычтуу сүйүнөмүн.
Жүрөгүм күлүк болуп туйлагансыйт,
Орундап оюмдагы бар тилегим.

Теңир тоо! Жаңылыкты кабарлагын,
Нуруна бөлөп турсун тоо таш баарын.
Күжүрмөн тоо элинин жигиттерин,
Күрпүлдөп даңазалап аксын Нарын.

Теңир тоо аска ташың баары алтын,
Жүрөккө сенин атың кандай жакын.
Элжиреп эл жүрөгү кубанышты,
Куттуктап ыр жазышаар нечен акын.

Беш район бир област экенбиз,
Кээ бир кезде таарыныша кетебиз.
Ынтымактуу биргелешип жашайлы,
Бул дүйнөдөн бир күндөрү кетебиз.

## *Жаңы жыл*

Эски жыл элибизге берди бакты,
Сүйлө деп өз тилимде мыйзам чыкты.
Жаштарга ызаат, карыларга нысап берип,
Өткөн жыл элибизге берди бакты.
Жаңы жыл жыргалыңды элим көрсүн,
Көп улуттуу совет эли өсө берсин.
Жалпы элим жетип дагы ийгиликке,
Журтумдун кайрат-күчү өркүндөсүн.

## *Күтөбүз жаңы жыл*

Жаңы жыл куттуктаймын келишиңди,
Ала кел берекелүү жемишиңди.
Тособуз бүт элибиз урмат менен,
Кетпес дөөлөт, ырыскы беришиңди.

Түндүк, Түштүк, Чыгыш аймагы,
Түмөндөгөн байлык болсун бар жагы.
Кары-жашы канчаларды жаратты,
Жыргал турмуш өсүп турсун ар жагы.

Кыдырып Мекениңдин оюн-кырын,
Жаңы жыл жалпы элиңдин баарын көргүн.
Жактырып кыз-келиндин эмгектерин,
Ышкысына уландарыңдын көңүл бөлгүн.

Жаңы жыл элиме бергин баарын,
Нуруна бөлөп турсун тоо таштарын.
Күжүрмөн тоо элинин жемиштерин,
Күрпүлдөп даңазалап аксын Нарын.

## *Кел жаңы жыл!*

Кел жаңы жыл элим күтүп кубанат,
Дагы сонун сени менен жаралат.
Ар жыл сайын ырахатка жеткирген,
Эли-журтум түбөлүккө бол саламат.

Жаңы жыл берекелүү конок келип,
Баш ийди барлык элге салам берип.
Белеги-тынчтык, жыргал, кеңенчилик,
Калайык алгыла дейт жыйнап терип.

Жаңы жыл куттуктаймын келишиңди,
Бере көр берекелүү жемишиңди.
Тособуз бүт элибиз кубнычта,
Күтөбүз дөөлөт, ырыскы беришиңди.

Жаша элим жаңы жылыңар кут болсун,
Жарыгы өчпөй жалпы үйгө кут толсун.
Айтаар сөзүм кары менен жашына.
Ар убакта баарыңарга бак консун!

## *Бактылуу аял болдуңар*

Кубангандан кызыл тилим сайрагын,
Куттуу болсун кыз-келиндер майрамын.
Ак толкун сымак дайранын,
Ар дайым болсун майрамың.

Ачылды бакыт жолуңар,
Асманга жетти колуңар.
Согушта чогуу согушуп,
Бактылуу аял болдуңар.

Апийимдей ачылып,
Ак жибек кийген кезиңер.
Ысык-Көлдөй, Соң-Көлдөй,
Толкундап турган кезиңер.

## 8- Мартыңар!

Аман болгула, аял заттар алтындар!
Тынчтык заман, гүлдөгүлө жалпыңар.
Бирге болуп, ээрчип жүрсүн жубайың,
Кутту болсун 8- Мартыңар!

Жакшы аял жаман ишке баспаган,
Жакшы аял антты бекем сактаган.
Ага айткан баарлык болгон сырыңды,
Ата-энеңе, тууганыңа айтпаган.

Аял деген асыл нерсе билип ал,
Алыс кетсең куса болуп сагынар.
Аялы жок ажырашкан акмакка,
Кайсы аял тосуп чыгып жалынаар?

Аял сенин өмүрдөгү сырдашың,
Аялыңа дайым болсун урматың.
Жүрөк сыры түбөлүкө бир болгон,
Айланайын, аял силер кымбатым.

## Жаз майрамы Нооруз

Жаз келди суу күрпүлдөп, агат сайда,
Боз шыбак, жытын бүркөт алда кайда.
Чулдурап, келгин куштар бакта сайрайт,
Калайык камынгыла эгин айда.

Жаз майрамы келип калды Ноорузум,
Шаңга бөлөп Ата-Мекен конушун.
Көңүл ачып, шартылдата черткиле,
Кыргызымдын үч кыл шаңдуу комузун.

Ала-Тоо ташың алтын, сыртың салкын,
Өзүнчө өнүп-өскөн кыргыз калкым.
Эл болсоң кыргыздай бол пейли кенен,
Эч качан жоготпогон ынтымагын.

Нооруз, самаганын элиме бергиң баарын,
Нуруна бөлөп турсун тоо-таштарың.
Малы төлдөп, эгин айдап, эмгектенсин,
Ноорузум берекесин бере берсин.

## *Берекеңди бер Нооруз!*

Кел Нооруз сени күтөм келсин деп,
Жаш өткөнчө капаланып не керек.
Жыйырма бештин так өзүндөй сүйкүмдүү,
Эргип жүрөк ыр жазайын эртерээк.

Таң нурунда баалай бергин элиме,
Түгөнбөгөн байлык чачкын жериме.
Чын жүрөктөн арнап жаздым суранып,
Арпа-буудай батпай калсын үйүңө.

Жай мезгилин жашылдантаар кезегиң,
Жашасын деп улуу Ата Мекеним.
Эртели кеч мен тилеймин, эл тилейт.
Табабыз деп жокчулуктун эсебин.

## *Редакциядан*

Алыскы Кең-Саз жайлоосундагы деңиз деңгээлинен 3 миң метр бийиктикте турган легендарлуу "Кокуй Кырды" өздөштүрүүдө, көпчүлүгү коммунисттерден турган аксакалдар бригадасынын да салымы зор. Ошол бригаданын мүчөсү, алтымыш жаштагы карыя Дүйшө Турсалиев райондогу "Куланак" айыл-чарба артелине, коомдук мал үчүн мол тоют камдоодо өзүнүн баалуу салымдарын кошту. Бул жердеги тоют бригадасынын органы болгон "Демилге" аттуу газетанын активдүү кабарчысы болуу менен бирге өзүнүн таланттуу калеминен сонун ыр саптарын жарата алды. Ошол жазылган ырларынан газетага жарыялайбыз.

## *Ишеничти актаймын*

Кар баскан тоонун баштарын,
Канча жол шандуу баскамын.
Адырдан искеп гүл терген,
Ала-Тоо сенде жаш чагым.

Атакты алды бул жерден,
Арбын иш жасап жаштарым.
Артылган кадыр-барктарым,
Азыр мен алтымыш жаштамын.
Жашыма карап жамбаштап,
Жарашпайт үйдө жатканым.
Ишимен турсун ардактап,
Ишенич чындап актайын.

## *Жаш чагым*

Оюма түшүп жаш чагым,
Ошон үчүн баштадым.
Оолактап кетип баратат,
Ойлосом отуз жаш чагым.

Келинден сүйдүм бир кезде,
Кер маралдай керилген,
Кесепеттүү карылык,
Кетирип бардык эбимди.

Кайрылбай кеттиң кайран жаш,
Карчыга куштай теминип.
Карыган кулжа көздөнтүп,
Карайлатып темինтип.

Кеткенин билип алымдын,
Тор жакка жылып сабылдым.
Тыртайып жатып калган кез,
Тынчтыгын тилеп жанымдын.

Сагызган шакта куш тапка,
Сайрасын булбул бутакка.
Санаага жетиш кыйын иш,
Самолёт минип учсакта.

## *8 жашымдан 12 жашыма чейин*

Орто-Нурадагы Ыйманакун молдодон 5 жыл арабча окудум.1927-жылы араң дегенде жалпы Токтогул уруусуна “Жер ортосу”- деп Чет-Нурага баштооч мектеп салынып, 1928-жылы окуй баштадым. Окууну көңүлдүү жакшы окудум, бирок эң эле тентектикке жеңдирип мугалимдерди мындай деп ырга коштум:

Окуу башчысы Осмонов,
Сабакты берет токтолуп.
Сабак билбей кетишти,
Тартипсиз бала көп болуп.

Биз үчүнчү классбыз,
Баарыбыз көпкөн жыласбыс.
Мектепке күн сайын,
Биз келебиз чыраксыз.

Эсептен берет Ыйманбек,
Мен жүрөмүн кудай деп.
Күн сайын баамды угузат,
Турсалиев жаман деп.

Ошентип 1932-жылы 6-айында 4-классты бүтүртпөй окуудан чыгарып салды. Себеби районо Курбанов деген эң эле жапалдаш бойлуу Чүйдөн келген киши болчу. Ошол райононун кичине жаралганын төмөндөгүчө жарлык кылып ырдап койдум эле:

Районо Курбанов,
Келе атат карап туралык.
Алмабүбү эжекем,
Алдынан тосуп буралып.

Тогуз ай бою көтөрүп,
Энеси толтой туучу немедей.
Районо келе атат,
Капырай албарстыдан кенедей.

деп ырдап коёмун деп окуудан чыгып калдым. Чиркин эч болбогондо 4-классты бүтсөм эмне. 1933-жылы 3-класс билимим менен колхоздогу сабатсыз элди окутууга Алдаяр уулу Аалы сельсовет колума буйрук кагаз берди. Бир атты минип алып, талаадан түшкү эс алууда окутуп, кышкысын ар кайсы үйлөргө чогултуп окутуп, ырдаганды азайтып чыдап жүрдүм эле өнөкөт оору кармабай койбойт экен.

Атанын кокуй башкарма,
Мүчөлөрүңдү ташка айда.
Үйдө калган катынын,
Жайлап кетти жай чарба.
деп ырлар кайта башталды.

# Колдонулган материалдар:

"Мидинге", Тянь-Шань, Ат-Башы 1963-ж.

"Ак-Сай", Тянь-Шань правдасы 1965-ж. 23- октябрь.

"Каалоо", Нарын правдасы, 1982-ж. 14- июль.

"Рейганга", Нарын правдасы, 1984-ж. 31-март.

"Согуш оту күйбөсө экен", Жеңиш, Тянь-Шань, 1986-ж. 8-май.

"Ак Халатчандарга", Жеңиш, Тянь-Шань 1988-ж. 7-март.

"Учкул сөздөр", Нарын правдасы, 1988-ж. 18-март.

"Ленин", Жеңиш, Тянь-Шань 1988-ж. 20-август.

"Бактылуу аял болдуңар", Жеңиш, Тянь-Шань, 1989-ж. 8-март.

"Улуу Ленин жүрөгүмдө", 1989-ж. 25-март.

"Согуш жылдарын эскерип", Жеңиш, 1989-ж. 9- май.

"Комсомолдор", Жеңиш, Тянь-Шань, 1989-ж. 24- июль.

"Таарынып кетти бир бажам", Жеңиш, Тянь-Шань, 1989-ж. 29- июль.

"Азыр дагы кеч эмес", Жеңиш, Тянь-Шань, 1989-ж. 2- октябрь.

"Кыргыздын орус жүрөгү", "Байбичеме", "Өтүнүч", Жеңиш, Тянь-Шань 1989-ж. 23- сентябрь.

"Ак-Сай", "Ишембейм түшкө", "Врачтарга", Жеңиш, Тянь-Шань, 1989-ж. 23- сентябрь.

жана башка көптөгөн ырлары Турсаалы уулу Дүйшөнүн өздүк архивинен алынды.

# Мазмуну

Турсаалы уулу Дүйшө (1916-1995) ........ 5
Ак –Кыя ........ 7
Туулган жерим Үч-Нура ........ 8
Энсеймин ........ 9
Ак-Кыя менин мекеним ........ 10
Мен чоңойгон там ........ 11
Кара-Үңкүр ........ 11
Ат-Башы ........ 12
Ат-Башыда Ак-Жарым ........ 13
Ак-Сай ........ 14
Кыргыз жайлоосу ........ 15
Чоң-Секим Ичке-Суу ........ 16
Салкын-Төр ........ 16
Жайлоосу сонун кыргыздын ........ 17
Туулган жерим чоң колот, таяке-тайым чоң болот ........ 19
Касиеттүү Нарыным (Нарын шаарынын 125 жылдыгына) ........ 20
Нарын суусу ........ 21
Ала-мышык Ата энем! ........ 21
Нарын шаарым мекеним ........ 22
Ырыс таалай багымсың ........ 23
1989-жыл 29-май, бүгүн көчө майрамына арнап, Московский көчөсү Нарын шаары боюнча биринчиликти алып жогорку акчалай сыйлык алгандарга ыр саптары! ........ 24
Ала-Тоомо ырыс толсун ........ 26
Байбичеме ........ 26
Кемпирим, сенден ким сулуу ........ 27
Кагылайын берекем (Неберем Гүлзатка) ........ 27
Айтканымды актагын (Неберем Саламатка) ........ 28

Туулган кунүң менен Жекибай ........ 29
Кош Муса ........ 29
Кайран Мидин ........ 30
Ак калпак кыргыз мактаган (Төкмө акын, сөз чебери, комузчу жана манасчы Актан Тыныбек уулун эскерип) ........ 31
Таазим Арстанбек атага ........ 32
Кыргыз элинин төкмө акыны Эстебес Турсунаалы уулуна ........ 32
Уулум Байдылда Сарногоевге ........ 33
Чыңгыздын 50 жылдыгына ........ 34
Айдайсың ырдын кемесин (Жумамүдүн Шералиевге) ........ 34
Каалоо ........ 35
Врачтарга ........ 36
Медицина илимдеринин кандидаты, хирург Сулайманов Талантбекке ........ 37
Улукманым кагылайын (Ардагерлердин ооруканасынын башкы дарыгери Белек Кадыровко) ........ 37
Ак халатчандарга алкыш ........ 38
Чынгышакун ........ 38
Ардактуу 60 жашың кут болсун! ........ 39
Мугалимдер данкыңар өтө бийик ........ 40
Мугалим кең билимдин булагы ........ 40
Балам окуп, билим ал ........ 41
Чоң курсак ........ 42
Бригадирдин жаманын шайлабай койсо не болот ........ 42
Жакын келиниме жаныtма ........ 43
Аялдар-үйүм жай алган ........ 44
Сен менен жашоом бир болсо ........ 45
Ар кимдин сүйгөн жары бар ........ 46
Жароокер кайда жүргөнсүң (Жети-Өгүз эс алуу жайында 75 курагымда, 1992-жыл, 20-май) ........ 47
Ишенбейм түшкө ........ 48

Согуш майданын эскерип ........ 48
Күлгүн курак, жаш чакта (1943- жыл, Ворошилов шаары) ........ 50
Кыргыздын орус жүрөгү ........ 51
Отуз жигит чогуу кеттик ........ 52
Кан майдандан калкыма кат ........ 53
Кан майдандан калкыма кат ........ 54
Согуштан кат ........ 55
Согуш калсын каргышка ........ 57
Болбосун дейм согушту ........ 58
Беш жыл жүрдүм батышта ........ 59
Тынчтык менин тирегим ........ 61
Тынчтык, ойлогонум тилегим ........ 62
Тынчтыкты ким сүйбөсө бизге душман ........ 62
Өлбөй житпей эл көрдүм ........ 63
Келсеңчи согуш бүттү эми ........ 63
Дайым үйдө катылуу согуштагы шинелим ........ 63
Эл коргоп жүргөн курбум ........ 64
Кандуу согуш майданында ........ 65
Согуш оту күйбөсө экен ........ 65
Мактанбайм баатыр элем деп ........ 66
Ырым менен тилек кылам (Улуу Ата-Мекендик согуштун 45 жылдыгына арнайм) ........ 67
Куттуктайм Улуу Жеңишти (Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлерин 50 жылдык жеңиш майрамыңар менен куттуктайм!) ........ 68
Улуу Ата-Мекендик согуштун 50 жылдыгын эскерип ........ 70
Өтүнүч (Ардактуу ардагерлерге) ........ 72
Кыргызым сенин демиң ........ 85
Бакыт ........ 85
Карылык ........ 86

Койчунун тилеги ........ 88
Ак-Сайлык малчыга ........ 89
Төө адамдын досу ........ 90
Эл батасы: ........ 91
Келиндерге ........ 92
Жалпы элдин сакчысы чекисттер ........ 92
Ак эмгек кылдың калкыңа (Нарын шаарынын ички иштер бөлүмүнүн башчысы Султанкеримов Бектурганга) ........ 93
Нарын облусттук ички иштер башкармасынын башчысы, генерал-майор Дубанаев Садырбекке! ........ 94
Жемесинен куткарсаңар апаңардын (Нарын обкомунун 1-катчысына) ........ 94
"Ден соолук" журналынын башкы редактору Мар Алиевге ........ 95
Нарын ПЭСинде иштеген кадырлуу карыяларга: ........ 95
Жакеев Жумалыга ........ 95
Чогуу жүрүп, бирге иштедик көп жылы ........ 95
Абакиров Чубакка ........ 96
Контролёр Кызым Анипага ........ 96
Нарын ПЭСинин жалпы элине ........ 96
Нарын автобазасынын ашпозчусу Сабирага ........ 97
Таякем Төрөгелдиге ........ 97
Токторбаев Эсенге ........ 98
Эмгеги элге арналган ........ 98
Анда мен ........ 99
Кудай кошкон куда болот ........ 99
Шаардык совет кудабыз ........ 100
Келдиңби боорум Төлөмүш (Жакып уулу Төлөмүш 50 жылдан кийин элинде) ........ 100
Ачуулансаң чоң күнөөгө батасың ........ 102
Элимдин эмгек сыймыгы ........ 103
Калкымда болсун жакшылык ........ 103

Тынчтык менин ойлогонум, тилегим ........ 99
Эх чиркин жайдын күндөрү ........ 104
Сүйүүмдүн бузба уставын ........ 105
Сага айтам чынымды ........ 106
Поляк кызына ........ 106
Украинка Валя ........ 107
Сүрөлү өмүр узакка ........ 107
Жолу татаал, сыры терең сүйүүнүн ........ 108
Өлкөм менен жылдашмын ........ 108
Коммунисттик партия ........ 109
Комсомолдор ........ 110
Сталин ........ 110
Улуу Ленин жүрөгүмдө ........ 111
Рейганга ........ 111
Газетама ........ 112
Уккун элим ........ 112
Партияны барктайлы ........ 113
Акыр заман ........ 114
Бул заман ........ 115
Калкыма кат ........ 116
Качан эми оңолот биздин заман ........ 117
Кыйналып жашап турабыз ........ 117
Оңолуп кетээр бекен биздин турмуш ........ 119
Кабагы бүркөө элимдин ........ 119
Бир саптар ........ 120
Кагылайын кыргызым ........ 120
Нанды кор кармабайлы ........ 121
Жашаш керек эмгек менен жанаша ........ 122
Үйүңдө жатпа чалкалап ........ 122
Карыңын кебин капка сал ........ 123
Алиги кыздар кулак сал ........ 125

Теңтушум ........ 127
Акмагым ........ 127
Аракеч да кишиби? ........ 128
Үсөн басыгыңды түзөгүн ........ 128
Кайгылуу кары ата-эне ........ 129
Батма эненин арманы ........ 130
Мен бир чал чала сабат ........ 132
Жаңы Жылыңар менен! ........ 132
Кеткен келди, кемтик толду ........ 133
Жаңы жыл ........ 134
Күтөбүз жаңы жыл ........ 134
Кел жаңы жыл! ........ 135
Бактылуу аял болдуңар ........ 136
8- Мартыңар! ........ 137
Жаз майрамы Нооруз ........ 137
Берекеңди бер Нооруз! ........ 138
Ишеничти актаймын ........ 139
Жаш чагым ........ 140
8 жашымдан 12 жашыма чейин ........ 141
Колдонулган материалдар: ........ 144

Көркөм- адабий басылма

**Турсаалы уулу Дүйшө**

**Тынчтык менин ойлогонум, тилегим**

**Ырлар жыйнагы**

Редактору Т. Дүйшөналиев

Компьютерге терген Мирлан уулу Э.

Корректору Дуйшенби уулу С.

Типография: "Алтын Принт"

Зак. № 53, көлөмү 9,5 басма табак,
Нускасы 100 даана

Бишкек ш., А. Орозбеков көч., 44,
тел.: 62-13-10
e-mail: altyntamga@mail.ru